**Фатхий Салим**

# Исламдагы экономикалык түзүм китебинин кириш сөзүнө түшүндүрмө

Бул китеп маркум устаз Фатхий Салимдин калемине таандык

## ИСЛАМДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮЗҮМ МУКАДДИМАСЫНЫН (КИРИШ СӨЗҮ) ШАРХЫ ЖАНА ЖӨНӨКӨЙ БАЯНЫ

Экономика сөзүнүн териминдик мааниси төмөнкүлөрдү камтыйт: а) мал (финансы) иштерин тадбир кылуу, малды көбөйтүү, аны жүзөгө келтирүүнү камсыздоо. Булар менен экономика илими (фан) алектенет; б) малды бөлүштүрүү абалы (кайфияты). Муну менен экономикалык түзүм алектенет.

Азыркы доордо бул сөз кеңирээк мааниде колдонулуп, бардык коомдордогу адам жашоосунун кең тармактарын өз ичине камтый турган болду.

Капитализм мабдасы динди турмуштан ажыратуу акыйдасына негизделет. Бул мабдадагы эң көзгө көрүнгөн нерсе экономика жана капитал. Экономика кеңейгендиги себептүү экономикалык утуштар жер жүзүнө сыйбай калды. Нефть өнөржайынан тартып керектөө товарларын, азык-түлүк продукцияларын, жөнөкөй жана аскерий продукцияларды иштеп чыгара турган өнөржай ишканаларына чейин; банк сектору, малиявий жана соода биржалары; филиалдары бүткүл жер жүзү бойлоп таралган гигант компанияларга чейин ушундай утуштарга толуп-ташты. Компьютер пайда болуп, анык эсептөөлөр жүргүзүлө турган болду, интернет, спутниктик байланыш жана башкалар пайда болду. Натыйжада, адамдар бири-бири менен чагылган тездигиндей байлана турган болушту.

Бүгүн дүйнө түрдүү-түмөн өнөржай продукцияларынан, эсепсиз товарлар жана кызматтардан турган үлкөн «ташкын» ириминде жашап жатат, бул «ташкын» дүйнөдөгү бардык базарларды чөктүрүп жиберди. Ушул эле учурда, миллиондогон адамдар ачка, жарым-жылаңач күн өткөрүүдө. Миңдеген адамдар бир ууч кимселерге карыз болуп, ал карыздары тоодой үйүлүп кетти. Бул карыздардын проценттерин айтпай эле коёлу. Бирок, буларга көз жумулду.

Социализмдин күнү бүттү, анын «сепили» кулады, мамлекеттери кыйрап, түзүмдөрү жок болду. Байкуш, алсыз адамдардын туйгуларын серпилткен, миллиондогон адамдар көздөрү алданып калган бул «жомоктун» эмне экендиги ачылып болду. Социализм инсандардын башына түшкөн бир балээ болду. Ал инсандар жакырчылыгын жоё албады, муктаждыктарын кандыра албады, кийин аны кулатышты.

Майданда теңдешсиз жашоо түзүмү катары Ислам калды. Өзүнүн рисалаты, бүткүл дүйнөлүк экендиги, акыйкат акыйдасы, адилеттүү шарияты, жакшы башкаруусу, анык пикир-көз карашы, инсан проблемаларын түптөн дабалап-чечип бериши менен бийик болгон, өзүнүн байрагы астына кирген, Халифалык мамлекети коргоосунда жашаган ар бир инсанга кадыржамдык жана жыргалчылык тартуу кылышы менен бийик болгон Ислам калды.

Ко-ош, бүгүн дүйнө кандай жашап жатат? Капиталисттик мабданын билермандары эбегейсиз көп өндүрүп базарларга чыгарган, акыбетте дүкөндөр, магазиндер, майдандар, эшелон-эшелон вагондорго батпай калган, тоодой үйүлүп жаткан ошончо продукция, товарларга, ошончо өнөржай утуштарына, бул жааттагы капиталисттик маалыматтарга карабастан, дүйнө бүгүн кандай күн өткөрүүдө?!

Бүгүн дүйнө эң жаман күндөрүн башынан өткөрүүдө, эң жаман түзүм шартында, динди жашоодон ажыратуу акыйдасына негизделген эң жаман түзүм шартында абдан жаман жашап жатат. Бул түзүмдүн «перзенттери» мына ушундай ыплас, жырткычтарча жашоого жол салган эреже жана негиздер боюнча жашап жатат. Бул эреже жана негиздер төрт эркиндиктен турат. Алар төмөнкүлөр:

1. Итикад эркиндиги.
2. Сөз эркиндиги.
3. Мүлк эркиндиги.
4. Шахс эркиндиги.

Алар вакиъликти (реалдуулукту) пикир жүргүзүүнүн булагы кылып, пайданы болсо иштердин өлчөөсү кылып алышты. Туура нерсе көпчүлүккө карай белгилене турган болду. Бийликти калкка берип коюшту, улутту бийлик булагына айландырышты. Адамдарды эч качан туруктуу болбогон, кылтылдап турган, үстүрт, морт негизге таянууга мажбур кылышты. Орточо чечимди чечүүчү чечим деп тыгыштырышты. Натыйжада, кыйматтардын чегарасы, идеалдардын өлчөөсү болбой калды. Ошентип, күчтүү өз күчү жана үстөмдүгү менен кутура турган болду, алсыз кордолгон бойдон калды. Иттер тамшандырган тамактарды жеп, аларга атайын врачтар дайындалып, бассейндер курулуп жатканда, ачкалыктан териси сөөгүнө жабышып калган миллиондогон инсандар өмүр менен өлүм ортосунда жан талашып, көчөлөрдө жыгылып жатышат. Зулум башка миллиондогон адамдарды эл-жеринен бездирди. Бул адамдар өмүрүн сактап калуу

үчүн үй-жайларын, өлкөлөрүн таштап кетүүгө мажбур болушту. Башка миллиондогон адамдар болсо, өңү кара болгону үчүн поездге чыга албайт, парктарга бара албайт, университеттерге кире албайт.

Адамзатты машакат жана бактысыздык жарынын жакасына алып келген бул «имарат» эмне өзү?! Бул имараттын негиздери эмнеден турат?! Алардын жашоого болгон көз карашы кандай? Проблемалар дегенде алар эмнени түшүнүшөт? Бул проблемаларды кантип чечишет?

Алар капитализм мабдасынын негиздерин үйрөнүп чыгышып, динди жашоодон бөлүү идеологиясы аларда терең тамыр жайып, бул идеологияга ыйман келтиришкен соң жана анын жетекчилигине моюн сунушкандан кийин, өздөрүндөгү миллиондогон адамдардын акыйдасы болгон христианчылык акыйдасын бир ууч дин төбөлдөрүнүн колуна тапшырып коюшту, бул рухий акыйданы чиркөөлөрдүн караңгы бөлмөлөрүнө камап коюшту. Андан кийин дүйнө турмушуна бүтүндөй берилишип, ырахат артынан кууп, мал-дүйнө жана жыныстык лаззат артынан жүгүрүштү. Акырет деген нерсени болсо, зээндеринен алыстатты.

Алардан көптөгөн аалымдар өсүп чыгышты. Алар изденүүлөр, изилдөөлөр алып барып, маалыматтар топтошту, экономикалык турмуш үчүн структуралык пландарды иштеп чыга башташты.

Ошол экономисттердин эң белгилүүлөрү Адам Смит, Рикардо, Маршалл, Маркс, Мальтус жана башка көптөгөн экономисттер. Алар инсанга анын тышкы тарабы болгон маддий (материалдык) жактан гана жандашып, анын муктаждыктары маддий кыйматты колго алуудан гана турат деп белгилешти. Инсан турмушунун башка жактарын: рухий, инсаний жана ахлакий кыйматтарды болсо этибарсыз калтырышты. Андан соң мына ушул муктаждыктарды кандыруу темасын бир гана маддий көз караштан туруп үйрөнүп чыгып, үч негизди иштеп чыгышты. Өз экономикаларын ушул үч негиз боюнча багыттандырды. Бул үч негиз төмөнкүлөр:

1. Салыштырмалуу таңкыстык: т.а. жаңы-жаңы, ар түрдүү муктаждыктарды кандыруу үчүн чектелген көлөмдөгү товарлар менен кызматтардын жетишпестиги.

2. Кыймат: Иштелип чыккан нерсенин кыйматы. Ал экономикалык изденүүлөрдүн негизи болуп, эң көп үйрөнүлөт.

3. Нарк: Продукция иштеп чыгарууда, керектөө жана бөлүштүрүүдө нарктын ролу. Нарк капиталисттик экономикалык түзүмдө пайдубал болуп эсептелет.

Алар инсанды эки жактан: кандырууну талап кылган муктаждыктар жана кандыруу каражаттары болгон товар менен кызматтар жагынан үйрөнүшүп, «бул муктаждыктар бир гана маддий муктаждыктар» деген пикирди билдиришти. Алар бул муктаждыктар чөйрөсүн кең деп билишип, ал тургай алардын чегарасы жок деп белгилешти. Б.а. муктаждыктар чектелбеген, түркүн, жаңы-жаңысы пайда болуп турат деген пикирди билдиришти.

Андан кийин: Кандыруу каражаттары болгон товарлар менен кызматтар канчалык көп болбосун баары бир чектелген. Демек, чектелбеген муктаждыктар менен чектелген кандыруу каражаттары ортосунда абдан чоң айырма сакталып кала берет. Ошондуктан, чектүү көлөмдөгү каражаттар чексиз муктаждыктарды кандырууга жетишпейт деген жыйынтыкка келишти. Алардын экономикалык проблемасы мына ушундан келип чыгат.

## КАПИТАЛИСТТЕР НАЗАРЫНДА ЭКОНОМИКАЛЫК ПРОБЛЕМА

**Таңкыстык абалы:**

Бул жаатта табияттын жоопкерчилик даражасы: Алардын айтымында, инсан менен аны курчап турган табият ортосунда тынымсыз күрөш барат. Алар «экономикалык проблема» деп аташкан нерсенин чечимин табуу үчүн ушундай күрөш барат. Түпкүлүгүндө, бул проблема жеке адам же коомдун чектелбеген муктаждыктарын кандырууга урунуу акыбетинде пайда болот. Себеби – алардын пикиринде – муктаждыктар инсан организминин коргонуусу үчүн зарыл болгон фитрий же башкача айтканда физиологиялык муктаждыктар менен гана чектелип калбайт. Тескерисинче, бул муктаждыктар – инсан жашаган коомдун цивилизациясы өнүгүп барышы менен адамдын дагы да көбүрөөк жана түркүн-түмөн товарларды керектөө каалоосу этибарга алынса – көбөйүп барат. Ушундай бир деңгээлде көбөйүп барат дейсиң, алардын чегарасын белгилөөнүн мүмкүнчүлүгү болбой калат.

Ошондуктан – дейт алар – бир акыйкат тан алынышы керек. Ал да болсо, таңкыстык абалына табият гана жоопкер болбостон, бул жерде эсепке албаса болбой турган башка бир тарап да бар. Ал адамзаттын табият түшүмдүүлүгүн көбөйтө турган күчтөргө таасирин өткөрүүдө тынымсыз ылдамдап барышынан турат. Мына ушул нерсе муктаждыктардын дагы да көбөйүшүнө жана түркүн-түмөн болушуна алып келди. Муну таңкыстык абалынын ар дайым бар болуп турушунан адамдын табияты да бирдей жоопкер деп айтууга да болот. Алар дагы мындай деп пикир билдиришет: инсаний цивилизация баскычма-баскыч өнүгүп барат. Бул болсо, бизге ар дайым ушуну көрсөтөт, илимдин өнүгүшү мүмкүнчүлүктөгү ресурстар көлөмүнүн көбөйүшүнө эле эмес, балким ушул ресурстардан экономикалык жактан дагы да көбүрөөк пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берген каражаттар (васита) жана мүмкүнчүлүктөргө жол табууга да алып келет. Андан кийин муктаждыктарды дагы да көбүрөөк кандыруу мүмкүнчүлүгү туулат. Бул болсо, муктаждыктардын көбөйүшүнө жана чектелбегендигине инсан да салым кошконун түшүндүрөт. Себеби, технологиялар жаңы-жаңы, көптөгөн кызматтар менен товарлардын пайда болушуна салым кошот. Т.а. инсандын каалоосу өсүп барып, анын алдында көптөгөн муктаждыктар (керектөөлөр) пайда болду. Анын качандыр жөнөкөй гана болгон муктаждыктары жана каалоолору өсүп отурушунун натыйжасында ушундай болду.

Мисалы, чарбачылык баскычында адамга өзүнүн чарбасын, пайдалуу айбандарды оттотушу, багышы үчүн кең жер майдандары, жайыттар керек болгон. Ал өзү жана үй-бүлөсү үчүн тиричилик себептерин ушундай көрүнүштө тапчу. Бирок, дыйканчылык өздөштүрүлүшү менен адамдардын турмушу үчүн зарыл болгон жер майдандары жетишпей калды. Кийинчерээк жердин кыйла көп калкты багуу мүмкүнчүлүгү артты. Акыры келип, өнөржай ыңкылабынан кийин ушунча жер майданынын кубаты көбөйүп, дагы да көбүрөөк калкты бага турган, жакшыраак турмуш деңгээли менен камсыздай турган болуп калды.

Ошентип – дейт алар – мүмкүнчүлүктөгү маддий жана инсаний ресурстар көлөмү жана ар түрдүүлүгү мавжуд технологияны билүү даражасына көп байланыштуу экенин көрөбүз. Демек, ресурстар көлөмү жана ар түрдүү болушу билим деңгээлинен үзүлүп, өзүнчө болушу мүмкүн эмес.

**Муктаждыктар:**

Алардын эсептешинче, муктаждыктар инсан каалоолорун айгинелейт. Ресурстар болсо, анын билими жана кубатын айгинелейт. Ошондуктан – дейт алар – биз инсанды проблеманын ар эки тарабынан көрөбүз. Себеби, инсан кандыруучу кубат жана ресурстарга ээ. Ошол эле учурда, ал бул кубат жана ресурстарды өзүнүн технологиялык билимдери жардамында өнүктүрүү тажрыйбасына да ээ. Мунун натыйжасында өркүндөгөн өнөржай товарлары менен кызматтар көбөйүп барат. Алар менен бирге инсандын кандырууну талап кылган каалоолору жана муктаждыктары да көбөйүп барат. Демек, экономикалык проблема инсан себептүү жана анын өзүнө пайда болот жана чоңоюп барат.

Алардын назарында, муктаждык – адамдын кандайдыр бир нерсеге ээ болуу майилин сезишинен пайда болгон каалоо. Бул каалоо-майилдин күчтүү же күчсүз болушу инсандын назарында мына ошол нерсенин канчалык маанилүү экенине карай ар түрдүү болот.

Алардын пикиринде, каалоолор же муктаждыктар ушундай бир даражада көп жана ар түрдүү дейсиң, экономикалык изилдөөлөр алардын баарын каптай албайт. Мисалы, ибадат кылуу же өз ара мээрим-махабатка, башкача айтканда «туйгулардын үндөштүгү», боорукердикке болгон муктаждыкты алсак, булардын баары инсандын турмушунда чоң роль ойногон чындыктар. Бирок, алар азык-түлүк, кийим-кече, башбаанек жана башка нерселерге болгон

муктаждык сыяктуу экономикалык изилдөөнүн түздөн-түз орду эсептелбейт.

Муктаждык – экономикалык мааниде – өзүн кандыра турган кандайдыр бир экономикалык ресурсту (же акчаны) таба турган ар бир каалоо.

Муктаждык – адамды козгоп, аракетке келтире турган нафсий абал. Качан ушул абал сезилсе, бул жерде муктаждык бар деп айтабыз. Бул сезүүнүн ахлакий нормаларга, же мыйзамдуу принциптерге, же тууралык негиздерине ылайык келиши же келбешинин мааниси жок. Муктаждыктарда булардын бири да этибарга алынбайт. Азык-түлүк, кийим-кече, турак-жай сыяктуу биринчи даражалуу муктаждыктар бар. Бирок, ошону менен бирге, инсан бул нерселерден дагы да көбүрөөгүнө жана ар түрдүүлүгүнө муктаждык сезет. Себеби, ал түркүн тамак жана ичимдиктерди ичүүнү, түрдүү кийимдерди кийүүнү каалайт. Эч канча убакыт өтпөстөн анын социалдык өнүгүү мажбурлаган башка муктаждыктары да пайда болот. Мисалы, ал таалим алууга умтулат. Эмгек жөндөмүн ашырууга жардам берүүчү куралдарга ээ болууга аракет кылат. Өзүнүн кызматында заманбап байланыш куралдары жана түрдүү көңүл ачуучу каражаттар болушун каалайт. Кыскасы – дейт алар – инсандын түбү көрүнбөгөн муктаждыктарын санап акырына жете албайбыз. Т.а. – алардын пикиринде – муктаждыктардын чегарасы жок, технология же цивилизациянын өнүгүшү менен жаңы-жаңы муктаждыктар пайда боло берет жана биринчи даражалуу муктаждыктарга карата алардын маанилүүлүгү көбөйүп бара берет. Мамлекет байып, өнүккөн сайын биринчи даражалуу муктаждыктар муктаждыктар топтомуна салыштырмалуу кемейип бара берет. Мисалы, ушул нерсе күзөтүлгөн, кембагал өз кирешесинин абдан чоң бөлүгүн азык-түлүккө жумшоо үчүн бөлөт. Байдын абалы болсо мунун тескериси. Себеби, бул көлөм анын кирешесинин көлөмүнө салыштырмалуу же кирешесинин көбөйүп барышына салыштырмалуу кыйла аз болот.

Бул жерде «муктаждыктардын акыры жок» деген сөз бар. О.э. муктаждыктар салыштырмалуулук менен да сыпатталат. Бул нерсе күзөтүү менен айкындашат. Адам белгилүү бир товар же кызматка муктаждык сезишине карабастан, дагы да көбүрөөк керектеп кандырууга умтулат. Демек, жалпысынан алганда, анын муктаждыктары тынымсыз көбөйүп бара берет. Адамдын жаңы-

жаңы муктаждыктары тынымсыз түрдө пайда боло берет. Бирин кандырды дегенче, дагы бир жаңысы пайда болуп, адам аны да кандырууга аракет кылат. Демек, кишилердин муктаждыктары ар түрдүү жана акыры жок. Бирер коом белгилүү бир сандагы муктаждыктарды кандырды дегенче кандырылбаган жаңы муктаждыктар пайда боло берет. Ошондуктан, инсандын бир орунда турбастан, максатка карай тынымсыз умтулуп жатканын көрөбүз. Муктаждыктардын акыры жок экени мына ушунда көрүнөт. Азыркы учурда инсан муктаждыктары хаятий же нафсий зарылдыктардан көрө көбүрөөк ижтимаий (социалдык) абалдарды айгинелейт. Бул абалдарга заман жана мекен шарттары өз таасирин өткөрөт. Мисалы, алгачкы (ибтидаий) доордо жашаган адамдын муктаждыктарын цивилизацияга жетишкен (т.а. маданий) коомдо жашап жаткан адамдын муктаждыктарына салыштырып болбойт. Себеби, ата-бабаларыбыздын муктаждыктары биздикиндей болбогон. Өз кезегинде биздин муктаждыктарыбыз да неберелерибиздикинен айырмаланат. Кээде, бир заман жана мекендин өзүндө да кишилердин муктаждыктары алардын ижтимаий жана сакофий деңгээлинин түрдүү болушуна карап бири-биринен айырмаланат. Мисалы, жумушчу сатып алган мал (товар) бай сатып алган товарларга окшобойт. Айылда жашаган дыйкандын сарп-каражаты шаарда жашаган кишиникине окшобойт. Илим кишисинин муктаждыктары менен бизнесмендин муктаждыктары бири-бирине туура келбейт. Демек, муктаждыктар салыштырмалуу болуп, ар бир топтун бир далай өзүнө таандык, өзгөчө түрдүү муктаждыктары жана каалоолору бар десе болот.

**«Чектелүү манфааттын жетишпестик» абалы:**

Алар «чектүү манфаат» (ор. предельная полезность), «толук манфаат», «абсолюттук кыймат» о.э. «шахсий манфаат», «жамаий манфаат» сыяктуу сөздөрдү иштетишет.

**Манфаат:**

Манфаат – малдагы (товардагы) бир касиет, ал ызалануу сезимин жоготот, же ырахаттануу сезимин ойготот, же ушул натыйжалардын жүзөгө чыгышы үчүн зарыл болгон шарттарды жүзөгө келтирет. Башкача айтканда, ал – нерсенин муктаждыкты кандырууга болгон кубаты. Демек, ал узундук, кеңдик, салмак же өлчөөгө окшогон маддий касиет эмес. Тескерисинче, ал мал менен муктаждык ортосундагы байланыш. Себеби, муктаждык болсо, манфаат пайда болот, муктаждык жок болсо, манфаат да жок

болот. Демек, ал адам идирек кыла ала турган байланыш болуп, анын көлөмүн адам белгилейт. Себеби, ал адамдын керектөө убагында кандай даражада махрумдугуна (т.а. ага жетише албагандыгына) байланыштуу болуп, махрумдук көбөйсө көбөйөт, азайса азаят. Б.а. ал муктаждыктын адамга карата канчалык маанилүү экенине байланыштуу. Муктаждыкты болсо, ар бир адам социалдык шарттар, адаттар жана сакофатка карай ар түрдүү белгилейт. Ошону менен бирге, адамда манфаат жөнүндөгү элестин калыптанышында коомдун ойной турган ролун да четке какпайбыз. Себеби, адам коомдо жашаган соң, манфаатты өзүнүн идирегине ушул коом сиңдирген өлчөө менен белгилейт. Демек, манфаат шахсий акыйкат болуп, алар муну «керектөө кыйматы» (ор. Потребительная стоимость) же «керектөө манфааты» (ор. полезность) деп аташат. Керектөө кыйматы менен айырбаштоо кыйматын бири-бирине салыштырганда ушундай дешет. Өз алдынча колдонгондо болсо «манфаат» деген сөздүн өзүн гана колдонушат.

Манфаат болушу үчүн малга кызыгуу, каалоо болушунун өзү жетиштүү. Мында манфааттын ахлак, тууралык, сак-саламаттыкка туура келиши же келбешинин мааниси жок. Буга көз жумулат. Бул туура келбестиктин кыйматтын болушуна таасири жок.

Манфаат түздөн-түз болушу мүмкүн. Ал керектөө товарларынан пайда болот. Манфаат кыйыр да болушу мүмкүн. Ага курулуштар, станоктор, кымбат баалуу кагаздар сыяктуу иштеп чыгаруучу товарлар (т.а. васита товарлар б.а. кыйыр малдар) аркылуу жетишилет.

«Абсолюттук манфааттын көбөйүшү жана чектүү манфааттын азайышы»:

Абсолюттук манфаат керектөөнүн көбөйүшү менен көбөйөт.

Чектүү манфаат керектөөнүн көбөйүшү менен азаят.

Абсолюттук манфаат керектөөгө түз пропорционалдуу.

Чектүү манфаат болсо, керектөөгө тескери пропорционалдуу.

Манфаат мыйзамдары: Аларда манфаат нормасын белгилей турган мыйзамдар жөнүндө жыйынтык чыгаруу үчүн, келгиле бир түрдөгү малдан, мисалы, нандан белгилүү бир көлөмдү бири-бирине толук тең болгон бирдиктерге (бөлүктөр) бөлүп чыктык деп элестетели. Бул бирдиктер арты-артынан муктаждыкты кандырууга, мисалы, тамактанууга иштетилет. Нандын ар бир бөлүгү келтире турган манфаат бар. Бирок, бул бири-бирине тең

бирдиктер муктаждыкты кандыруу үчүн арты-артынан керектелген убакта керектөөчүгө ошол манфааттын дал өзүн т.а. кандыруудан ошол көлөмдүн өзүн жүзөгө чыгарбайт. Муну аныкыраак түшүнүү үчүн элестетип көрөлү: Бир адам нандан беш бирдикти (бөлүк) арты-артынан керектеди. Ал мына ушул керектөөдөн колго алган манфааттар мисалын төмөнкүдөй болот дейлик: (1+4+6+7+8=26). Мында төмөнкүлөрдү көрөбүз:

**Биринчиден:**

Абсолюттук манфааттын керектөө көбөйүшү менен көбөйүшү. Себеби, абсолюттук манфаат – айтып өткөнүбүздөй – манфааттар топтому болуп, аларды керектөөчү керектелген бардык бирдиктерден колго киргизет. Демек, ал керектөөгө түз пропорционалдуу болуп, керектөө көбөйүшү менен көбөйөт, азайышы менен азаят.

**Экинчиден:**

Чектүү манфааттын керектөө көбөйүшү менен азайышы. Биз абсолюттук манфаат керектелген бирдиктер көбөйүшү менен көбөйгөнүн көрдүк. Биз акыркы бирдик керектелишинин натыйжасында абсолюттук манфаат көлөмүнүн көбөйүшүн көрөбүз. Чектүү манфаатта болсо мунун тескерисин көрөбүз. Себеби, ал керектөө көбөйүшү менен барган сайын азайып барат. Бул «чектүү манфааттын азайып баруу мыйзамы» деп аталат. Керектөөнүн көбөйүшү менен манфааттын азайып баруу мыйзамы абсолюттук манфаатка эмес, чектүү манфаатка анык дал келет. Бул мыйзам малдын өзүндөгү манфаатка эмес, малдын керектөөчүгө карата болгон манфаатына туура келет. Демек, чектүү манфааттын азайып барышынын себеби малдын өзүнө эмес, керектөөчүнүн өзүнө барып такалат. Себеби, нерселер табияты бири-бирине тең болушун талап кылат. Керектөөдөн ар бир көлөм муктаждыкты кандыруунун белгилүү бир көлөмүн жүзөгө чыгарат. Бул болсо, муктаждыктын кескиндигин азайтат. Малдын керектөөчү үчүн кандай даражада манфааттуу экендиги анын муктаждыгы канчалык кескиндиги менен өлчөнгөн соң, демек муктаждык кескиндиги азайышы менен т.а. керектөө көбөйүшү менен бул манфаат азаят. Демек, чектүү манфаат керектөөгө тескери пропорционалдуу. Анткени, чектүү манфаат муктаждык кескиндигине жана ушул муктаждыкты кандыруу үчүн даярдалган малдын көлөмүнө байланыштуу болот. Бул көлөм көбөйүп, муктаждык көбүрөөк кандырылган сайын, муктаждыктын кескиндиги азаят, акыры келип

нөлгө түшүп калат. Эми, бул убакта кошумча керектөө абсолюттук манфаатка бирер нерсени кошо албайт, тескерисинче ал ызалануунy гана келтире баштайт.

**Кыймат**

Рикардо 1820-жылы 9-октябрда Мальтуска кат жиберип минтип жазат: «Сиздин пикириңизче, саясий экономика байлык табияты жана себептери жөнүндө талкуу жүргүзөт. Бирок, менин пикиримче, ал өнөржай продукциясын ушул продукциянын жүзөгө келишине салым кошо турган катмарлар ортосунда бөлүштүрүү мыйзамдары жөнүндө талкуу кылат. Биз, албетте, байлык көлөмүн белгилеп бере турган туура мыйзамга жетише албайбыз. Бирок, аны бөлүштүрүүнү белгилеп бере турган туура мыйзамга жетишүүбүз мүмкүн. Биринчи талкуу пайдасыз жана болбогур нерсе экенине о.э. экинчи талкуу гана экономика илиминин чыныгы темасы экенине болгон ишеничим күндөн-күнгө артып барууда».

Бул жерде эмгек акы, процент, рента, пайда сыяктуу традициялык экономисттер пикирин ээлеген көптөгөн иштер бар болсо да, бирок талкууларда негизги этибар кыймат жана бөлүштүрүүнү үйрөнүүгө каратылды.

Кыймат:

Кыймат – адам же коом кандайдыр бир малга бере турган экономикалык маани-мазмун. Адам белгилүү бир малга бере турган маани-мазмун «керектөө кыйматы» деп аталат. Коом кандайдыр бир малга бере турган маани-мазмун болсо «айырбаштоо кыйматы» деп аталат. Адам Смит кыймат сөзүн төмөнкү эки маанидe иштеткен:

**Биринчиси:** Бирер нерсе манфаатына далалат кылуу үчүн. «Керектөө кыйматы» мына ушул.

**Экинчиси:** Мына ушул нерсенин өз ээсине бере турган кубатка т.а. башка товарларды сатып алуу кубатына далалат кылуу үчүн. «Айырбаштоо кыйматы» мына ушул.

Капиталисттер назарында кыймат эки түрдүү болот:

1. Учурдагы (жарий) кыймат.
2. Чыныгы (табийгый) кыймат.

Учурдагы кыймат базарда убактылуу белгилене турган кыймат. Сунуш менен талап бири-бирине дал келип калганда ушундай болот. Ал «жарий нарк» деп да аталат.

Чыныгы же табийгый кыймат – кайра иштеп чыгарып болбой турган жана көлөмүн көбөйтүп болбой турган нерселер же товарлардын кыйматы. Ушуга ылайык, алардын кыйматы сунуштун көбөйүшү менен азайбайт. Себеби, бул товарлардын кыйматы аларды иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон эмгек көлөмүнөн өз алдынча болот. Алардын кыйматы аларга ээ болууну каалаган адамдардын байлыгына жана каалоолоруна байланыштуу болот. Мындай нерселерге мисал кылып: атактуу сүрөтчүлөрдүн полотнолорун, айкелдерин, сейрек кездешүүчү китептер жана теңгелерди, башка сейрек кездешүүчү нерселерди келтирүүгө болот. Мындай нерселердин кыйматы сунуш жагынан алардын канчалык сейректигине байланыштуу болсо, талап жагынан аларга ээ болууну канчалык жан үрөп каалоого байланыштуу болот. Б.а. салыштырмалуу кемдикке т.а. сунуштун талапка салыштырмалуу аз болушуна байланыштуу болот. Бирок, Рикардо кыймат сөзүн айырбаштоо кыйматына гана иштеткен. Бул орунда керектөө кыйматынын мааниси менен айырбаштоо кыйматынын маанисин карап чыгабыз.

**Биринчи: Керектөө кыйматы:**

Керектөө кыйматы – бул малдын пайдаланылуу (харид) кубаты. Т.а. адамга мал келтире турган өздүк (шахсий) манфааттар. Демек, ал шахсий кыймат. Себеби, өздүк керектөөнүн натыйжасы.

Мындан төмөнкүлөр маалым болот:

Керектөө кыйматы базардын болушуна байланыштуу болбойт. Себеби, аны адамдын бар болушунун өзү менен эле элестетүүгө болот. Мында коомдун болушу зарыл эмес. Мисалы, бир инсан коомдон алыста т.а. базардан алыста жашайт деп элестетели. Мисалы, Робинзон Крузого окшоп. Бул элес керектөө кыйматын жокко чыгарбайт. Себеби, мына ушул инсан муктаждыктарды сезген соң жана бул муктаждыктарды кандыруу үчүн малдарды керектеген соң, демек, бул малдардын ага карата керектөө кыйматы болот. Инсан мүмкүн болушунча көбүрөөк кандырууга т.а. мүмкүн болушунча чоңураак керектөө кыйматына жетүү үчүн бул малдарды түрдүү таризде керектөөлөр ортосун таразага тартат.

Башка бир мисал: Деңизде бара жаткан бир киши чөгүп кетишине аз калды дейли, ошондуктан, ал кээ бир нерселерди деңизге ыргытып, жүгүн жеңилдетмекчи болду. Мындан, ал мына ушул малдарды бири-бирине салыштырып көрөт. Ал чөгүп кетпеш үчүн бул малдардын айрымдарынан кутулууга урунат. Муну

керектөө кыйматы негизинде кылат. Мында базар болушунун кажети жок.

Керектөө кыйматы объективдүү (туруктуу, өзгөрбөс, тышкарыдан коюлган) кыймат эмес, субъективдүү кыймат. Себеби, ал адамдын абалына, анын социалдык шартына, адаттары жана сакофатына о.э. керектөө кезинде кандай даражада махрум экендигине байланыштуу болот. Демек, ал ар бир адамдын өзүндө да анын махрумдук даражасына карап, маал-маалы менен түрдүүчө болот. Бул болсо, бизди кыйматтын т.а. «чектүү манфааттын» азайып баруу мыйзамына алып келет.

**Айырбаштоо кыйматы:**

Ал бир малдын башка малга карата кыйматы. Т.а. малдын пайдаланылуу кубаты. Башкача айтканда, малдын башка мал менен айырбаштоо кубаты. Эгер, эки малдын бири акча болсо нарк деп аталат. Нарк малдын акчага айырбаштоо кыйматын айгинелейт.

Демек, айырбаштоо кыйматы айырбаштоону талап кылат т.а. эки адамдын ар бири өзүндөгү малдан экинчи адамдагы малдын акысына баш тартууну талап кылат. Ошондуктан, айырбаштоону жамаатсыз элестетип болбойт. Айырбаштоо базар болушун талап кылат. Демек, керектөө кыйматы менен айырбаштоо кыйматы ортосундагы айырма ушул, айырбаштоо кыйматын базарсыз элестетип болбойт, керектөө кыйматы үчүн болсо бир адамдын болушунун өзү жетиштүү. Мындан тышкары, айырбаштоо кыйматы объективдүү кыймат, ар бир базарда ар түрдүү болот. Керектөө кыйматы болсо, мунун тескериси. Себеби, ал субъективдүү кыймат болуп ар бир адамда ар түрдүү болот.

Керектөө кыйматы менен айырбаштоо кыйматынын ортосунда байланыш барбы? Бул суроого: «манфаат – талаптын негизи, салыштырмалуу таңкыстык болсо – сунуштун негизи, бул экөөсү биргеликте манфааттын негизин түзөт» деген көз караштан туруп жооп бере алабыз.

Адам Смит «манфаат менен айырбаштоо кыйматынын ортосунда байланыш жок» деген тыянакка келген. Ал буга «көптөгөн товарлардын айырбаштоо кыйматы дээрлик жок, алар барган сайын көбөйүп баруучу манфаатка ээ. Мисалы, суу жана аба сыяктуу. Манфааты аз көптөгөн товарлар болсо, жогору айырбаштоо кыйматына ээ. Мисалы, алмаз жана сүрөтчүлөрдүн айрым полотнолору сыяктуу» деген пикирин негиз кылып алды.

Түпкүлүгүндө болсо, бул эки кыймат ортосунда байланыш бар. Ушундай бир даражада дейсиң, бул байланыш керектөө кыйматын айырбаштоо кыйматын түшүндүрүү алкагына киргизүү мүмкүнчүлүгүн берет. Батыш экономисттеринин изилдөөлөрү бул чындыктын кыймат назариясында (теориясында) чоң таасири бар экенин көрсөтүп берди.

Эгер, нерсе пайдалуу болбосо анын кыйматы болушу мүмкүн эмес экени анык. Бирок, манфаат т.а. пайдалуу болуунун өзү гана нерсенин кыйматка ээ болушу үчүн жетиштүү эмес, балким муктаждыктарга карата мына ушул нерсе таңкыс, аз болушу да шарт. Антпесе, ал суу жана аба сыяктуу айырбаштоо кыйматына ээ болбогон эркин малдардын бири болуудан башкасына жарабайт.

**Кыйматты түшүндүрүүчү назариялар**

Батыштык экономист аалымдардын кыйматты түшүндүрүүчү бир канча назариялары бар:

Бул аалымдардын айрымдары кыйматты түшүндүрүүдө жарий нарктарды түшүндүрүүгө эмес, балким чыныгы кыйматты т.а. «айырбаштоо кыйматы» деп аталган нерсени түшүндүрүүгө негизделип, кээде сарп-каражат, кээде манфаат темасына кайрылышкан. Мисалы, алар иштеп чыгаруу сарп-каражатына таянып, бул каражат мазмунун белгилөөдө түрдүү пикир билдиришти. Мунун натыйжасында алар сунушту анализдөөгө маани беришти. Мисалы, традициялык (классикалык) мектеп жана марксисттик мектептин өкүлдөрү ушундай кылышкан. Мына ушул объективдүү назариялар.

Башкалар болсо, талап анализине этибар каратышты. Бул болсо, кыймат жөнүндөгү субъективдүү назария. Бул пикирди психологиялык мектептин өкүлдөрү айтат.

Көптөгөн изилдөөчүлөргө бул эки багыттагы кемчилик көрүнөт. Ошондуктан, алар «ылайыкташтыруучу назария» деген назарияны алга сүрүштү. Бул назариянын негиздөөчүсү Альфред Маршалл, ал өз назариясында иштеп чыгаруу сарп-каражаты менен бирге манфаатка да негизделди т.а. сунуш менен талаптын экөөсүн бирге анализдөөгө негизделди.

Төртүнчү багыт да пайда болду. Биз аны социалдык багыт деп атайбыз. Бул багыт кыйматты түшүндүрүүдө саясий жана социалдык мекемелердин таасирине негизделет. Ал «кыймат жөнүндөгү социалдык теория» же «ижтимаий кыймат назариясы» деп аталат. Ал социалдык объективдүү теория.

Демек, кыйматты түшүндүрүүдөгү төрт назария төмөнкүлөр:

1. Иштеп чыгаруунун сарп-каражатын анализдөөгө негизделген назария.
2. Манфаатты талдоого т.а. талапты анализдөөгө негизделген назария.
3. Ылайыкташтыруучу назария. Ал сунуш менен талапты биргеликте талдоого негизделет.
4. Ижтимаий назария. Ал «саясий жана социалдык мекемелердин таасирин анализдөөгө негизделет».

Негизинен, классикалык изилдөөчүлөр иштеп чыгаруу сарп-каражатын анын бардык элементтерин өз ичине камтыган кең мааниси менен талкуу кылышкан болсо, марксисттер кыйматты эмгек элементине гана чектеп коюшту. Классикалык изилдөөчүлөр иштеп чыгаруу каражаты кыйматтар т.а. «иштелип чыккан малдар кыйматтарынын топтому» деген пикирди билдиришкен болсо, марксисттер «кыймат аны иштеп чыгарууда жумшалган эмгек көлөмү менен гана белгиленет» деген пикирди билдиришти т.а. аны эмгекке гана чектеп коюшту.

Талкуу үчүн ушул тармакта көзгө көрүнгөн бир канча назарияларды сунуш кылабыз. Алар төмөнкүлөр:

**Адам Смит назариясы**

**Рикардо назариясы**

**Классикалык назария**

**Марксисттик назария**

Адам Смит: Өмүрүнөн жана көз караштарынан үзүндү.

Адам Смит (1723-1790) Шотландиянын Киркалди шаарында туулган. Оксфорддо алты жыл окуп, 1751-жылы ага Глазго университетинде логика кафедрасы сунуш кылынды. Кийинчерээк моралдык философия кафедрасы да берилип, ушул университеттин ректору болуп шайланды. Анын эң көзгө көрүнгөн чыгармасы «Калктар байлыгынын табияты жана себептери жөнүндөгү изилдөө» деген китеби, бул китеп ага чоң атак-даңк алып келген.

Смит бийликтин базарга аралашуусуна каршы чыгат. Себеби, ал эркин экономиканын тарапкери. Себеби – дейт ал – эгер базар өз абалына таштап коюлса, ал коом муктаждыктарына этибар берет. Мында өнүгүү мыйзамдары аралашып, коом жыргал турмушта жашай турган болот.

Смит өнүгүү мыйзамдары жөнүндө сөз кылат. Бул мыйзамдардын биринчиси «концентрация мыйзамы». Смиттин пикиринде концентрацияда коом үчүн үлкөн пайда бар. Себеби, эгер капитал станокторго иштетилсе, бул нерсе ажайып эмгек бөлүштүрүүсүн жүзөгө келтирет. Бул болсо, инсандын иштеп чыгаруу мүмкүнчүлүгүн көбөйтөт.

**Адам Смит назариясы:**

Адам Смит нарктын (т.а. кыйматтын) эки түрүн бири-биринен айырмалайт. Бул эки түр төмөнкүлөр:

1. Номиналдуу нарк. Ал «жарий нарк» же «базар наркы» деп да аталат.
2. Чыныгы нарк. Ал «табигий нарк» деп да аталат.

Базар наркы сунуш менен талап ортосундагы алакага байланыштуу болсо, бирер нерсенин чыныгы наркы ушул нерсеге ээ болуу үчүн чыдоо керек болгон эмгек-машакатка байланыштуу болот.

Адам Смит өз изилдөөсүнүн башында ушул ой жүгүртүүсүн айтат: Адатта чоң керектөө кыйматына ээ болгон нерселердин кичине эле айырбаштоо кыйматы болот же таптакыр айырбаштоо кыйматы болбойт. Буга мисал, суу жана аба. Ал эми, кичине керектөө кыйматына ээ болгон нерселердин адатта чоң айырбаштоо кыйматы болот. Мисалы, алмаз сыяктуу.

Муну менен Адам Смит кыймат жөнүндөгү назариясынын багытына таасир өткөргөн жана кыйматка тиешелүү изилдөөсүн башка бир факторго карай т.а. нерсеге ээ болуу үчүн чыдоо керек болгон эмгек-машакат факторуна карай багыттаган болот.

Анын айтымында, бул эмгек-машакаттын кепилдениши коомдун канчалык ибтидаий (алгачкы, жөнөкөй) же маданий экендигине байланыштуу. Демек, анын айырбаштоо кыйматын айырмалашы коомдун ибтидаий же маданий экендигине байланыштуу болот. Анын айтымында, жер али мүлк болбогон жана али капиталдар топтолбогон мына ошол коомдо бирден-бир иштеп чыгаруу элементи эмгек болгон. Кандайдыр бир нерсеге ээ болуу үчүн чыдоону талап кылган бирден-бир элемент ал болгон. Адам Смит «Эмгек көлөмү мына ушул ибтидаий коомдогу айырбаштоо кыйматынын негизи болгон» деген жыйынтыкка келет.

Смиттин назарындагы маданий коомдо болсо, жер мүлкчүлүк объектиси болот жана бул коомдо капитал көбөйүп топтолуп калат. Ушундай бир мааниде дейсиң, кийин эмгек иштеп чыгаруунун

бирден-бир элементи болбой калат. Себеби, жер жана капиталга ээ болуу да күч-эмгек менен машакатты талап кылат. Муну менен Адам Смит «мына ушул коомдорго таандык болгон нерселерде эмгек көлөмү назариясын четке кагуу керек» деген тыянакка келип, кыйматты «иштеп чыгаруу каражаты» менен түшүндүрүү тыянагына келген. Ал «иштеп чыгаруу каражаты» дегенде эмгек акы, рента жана пайданын табигый даражасын назарга тутат.

**Рикардонун кыймат жөнүндөгү назариясы:**

Рикардо (1772-1823) Англияга келип орношуп калган голландиялык жөөт (яхудий) үй-бүлөдө туулуп өскөн. Жаштык чагынан эле жөөт (иудей) динин таштайт. Малиявий кагаздар биржасында далдал болуп иштеп, кыска убакыт ичинде чоң байлык топтоп, ири жер ээсине айланды жана парламент мүчөсү болду.

Рикардо классикалык экономика мектебинин эң ири өкүлү болуп эсептелет. Анын эң көзгө көрүнгөн чыгармаларынын бири: «Саясий экономика негиздери жана салыктар» китеби. Эң көзгө көрүнгөн назарияларынын бири болсо, кыймат жана бөлүштүрүү назариясы. Рикардо, товардын айырбаштоо кыйматы болушунда манфаат негизги нерсе экенин тан алат. Бирок, ал манфаатты кыймат өлчөөсү деп эсептебейт. Маркс да дал ушуну айткан.

Рикардо мындай дейт: Эмгекке болгон талапка байланыштуу эмгек акылардын тынымсыз жакшырып барышы туруктуу түрдө артып барат. Буга болсо, капиталдын туруктуу концентрациясы менен гана жетишүүгө болот. Бирок, Маркс буга каршы чыгып мындай дейт: Капитал концентрациясы – жумушчу күчүн эксплуатация кылуунун жана ал иштеп чыгарган продукциядан ашыкчасын кармап калуунун натыйжасы. Бул продукция жумушчунун акысы, бул акыны андан ишке жалдаган капиталист тартып алат.

Анын эмгек акылар жөнүндөгү назариясы да кеңири белгилүү. Анын айыл-чарба продукциялары жөнүндө талкуу кылган дифференциал рента жөнүндөгү белгилүү назариясы да бар. Рикардо акчага, банк проблемаларына, мамлекет төлөмдөрү системасына да токтолуп өткөн.

Рикардо «экономикалык өнүгүү маалында пайдалар азаят, себеби капиталдын улам барган сайын көп концентрацияланышы менен бирге капиталисттер ортосундагы атаандаштык да күчөп барат, бул болсо пайдалардын төмөндөшүнө кызмат кылат» деген назария жаатында Адам Смиттин пикирине каршы чыгат. Рикардо

бул пикирге каршы чыгып мындай дейт: «Пайдалардын азайышы, эгер эмгек акыларынын көбөйүшү менен бир учурга дал келсе болот». Рикардо бул ишти калктын көбөйүшүнө байланыштырат.

Рикардо кыйматка тиешелүү изилдөөсүн Адам Смит көтөрүп чыккан көрүнүштө т.а. манфаат көлөмү менен кыймат көлөмү ортосундагы карама-каршылык көрүнүшүндө баштады. Анын айтымында, аба жана сууда чоң манфаат бар болсо да, бирок кадимки турмушта бул экөөсүнүн айырбаштоо кыйматы жок. Алтын болсо, бул экөөсүнө караганда манфааты аз болсо да, бирок анын чоң айырбаштоо кыйматы бар. Рикардо мына ушул талкуу т.а. манфаат менен кыймат ортосундагы карама-каршылык талкуусу натыйжасында манфаатты айырбаштоо кыйматын белгилөөдөн алыстатуу керек деген тыянакка келген. Ошону менен бирге, манфаат кыймат үчүн зарыл деп тан алды. О.э. Рикардо базардагы кыймат менен чыныгы кыйматты бири-биринен айырмалап мындай дейт: «Базардагы кыймат сунуш менен талап ортосундагы алакага байланыштуу». Чыныгы кыймат жаатында болсо, ал товарларды эки түргө бөлөт:

1. Көп жолу сунуш кылууга мүмкүн болбогон товарлар.
2. Көп жолу сунуш кылууга мүмкүн болгон товарлар.

Рикардо мындай дейт: айкелдер, сүрөттөр, сейрек кездешчү китептер сыяктуу көп жолу сунуш кылууга мүмкүн болбогон товарлар кыйматы алардын салыштырмалуу сейректигине байланыштуу болот т.а. алардан мавжуд көлөмдүн – аларды сатып ала тургандардын кызыгуу, каалоолору менен болгон алакасына байланыштуу болот. Көп жолу сунуш кылууга мүмкүн болгон товарлардын кыйматы болсо, аларга ээ болуу үчүн зарыл болгон эмгек көлөмү менен белгиленет. Рикардо эмгек көлөмү дегенде «түздөн-түз эмгекти» жана «кыйыр эмгекти» т.а. станоктор, аспаптар иштеп чыгарууда пайдаланыла турган эмгекти жана мына ушул товарларды иштеп чыгаруу үчүн керек болгон имараттарды назарда тутат. Рикардо назарында мунун мааниси мындай, кыйматты белгилеп бере турган эмгектин көлөмү капитал элементин да өз ичине камтыйт. Рикардо аны кыйыр эмгек деп атайт. Эмгек көлөмү менен өлчөнө турган кыймат түптөн өзгөрүп турат. Туруктуу капитал пайдалана турган мөөнөттүн түрдүү болушу о.э. туруктуу капиталдан өзгөрүүчү капиталга өзгөрүп турушу натыйжасында (бул «капиталдын органикалык түзүлүшү» деп аталат) т.а. бир өнөржайда туруктуу капитал болуп, башка

өнөржайда өзгөрүүчү капитал болуп, түрдүүчө болушу натыйжасында ушундай болот. Бул нерсе кыйматты белгилөөдө башка бир факторду т.а. эмгек акыларды да киргизүүгө алып келет. Ошентип, Рикардо «мисалы, рента (жерден алына турган киреше) кыйматты жүзөгө чыгарууга кирбейт» деген пикирге келет.

Рикардонун эмгек кыйматы жөнүндөгү кыймат назариясы «кошумча кыймат» деген марксисттик назарияга жол ачып берди.

**Маркстын кыймат назариясы:**

Карл Генрих Маркс (1818-1883) Германиянын Трир шаарында жөөт үй-бүлөдө туулган. 1824-жылы атасы жөөт динин таштап, христианчылыктын протестант агымын кабыл алат. Атасы Вольтердин китептерин, Руссонун саясат жана социология жөнүндөгү көз караштарын окуп үйрөнгөн. Кант философиясынан да кабардар болгон. Атасынын мындай окуп-үйрөнүүлөрү Маркска таасир этип, жашап жаткан коомун өзгөртүүгө умтулушуна алып келди.

18-19-кылымдарда динди турмуштан ажыратуу акыйдасы орношуп, Европанын бардык тарабында буржуазиялык капитализм тамыр жая баштады. Айрыкча, эркиндиктер, эң оболу пикир эркиндиги, жазуу эркиндиги, сындоо эркиндиги бекемделиши артынан бир топ философтор жана муфаккирлер пайда болгондон кийин ушундай болду. Мына ушул доордо Европа көптөгөн саясий өзгөрүүлөрдү башынан өткөрдү, ыңкылаптар жана согуштар отунда жанды. Бул ыңкылап жана согуштар саясий түзүмдөргө жана регионалдык союздарга көптөгөн өзгөрүүлөргө алып келди. Ошону менен бирге, мына ушул союздар жана мамлекеттерде саясий туруктуулук жок эле. Буга экономикалык туруксуздуктар да келип кошулду. Эркин экономика орношуусунун акыбетинде ушундай болду. Натыйжада, буржуазия катмары, капиталисттер менен жумушчулар классы ортосунда тапка бөлүнүү көзгө даана урунду. Буга кошумча, аким аристократ катмар да бар эле. Маркс мына ушул күрөш окуялары ириминде о.э. өзүнүн аң-сезими калыптанышына таасир кылган айрым окуп-үйрөнүүлөр себептүү социализм пикирлеринен көп таасирленди.

Андан кийин Маркс идеология негиздерин, диалектикалык материализмди иштеп чыкты. Бул диалектика материянын келип чыгышы жана инсандын келип чыгышы жөнүндө талкуу кылат. Маркс өнүгүү мыйзамын алга сүрдү, тарыхий материализмди иштеп

чыкты. Кийин ал коомдорду ар бир кылымдагы экономикалык абалга карап класстарга бөлдү. Ушундай мааниде дейсиң, ар бир коом иштеп чыгаруу (өндүрүш) куралдары жана ыкмалары формасына карап калыптана турган болду. Табигый түрдө, коомдордогу өзгөрүү иштеп чыгаруу куралдары жана түшүнүктөрүнүн өзгөрүшүнө карап ишке ашат делди.

Маркс Лоренс фон Штайн жазган «Франциядагы социалисттик кыймылдын тарыхын» окуп чыккандан кийин, дагы социализм темасын окуп-үйрөнүүгө киришти. Кийин Франция, Англия, Германия тарыхын, түрдүү саясий түзүмдөрдүн тарыхын үйрөнүп, Рикардонун жана башка англис экономисттердин китептерин окуду. Мына ушул окуп-үйрөнүүлөрдөн кийин ал «Гегель философиясын сындоого киришүү» деген макаланы басып чыгарууга жетишти.

**Кыймат назариясы:**

Маркстын кыймат жөнүндөгү назариясы жаңылык эмес. Балким, ал жогоруда айтылып өткөн эмгек көлөмү назариясынын уландысы. Бул назариянын негиздерин ибтидаий коомдорго тиешелүү гипотезада Адам Смит жана андан кийин коомдун ибтидаий баскычтары гипотезасында Рикардо иштеп чыккан. Бирок, Маркс назариясындагы жаңылык ушул болду, ал бул назарияны эмгектин өзүнө колдонуп, андан «кошумча кыймат» жөнүндөгү назариясын тыянак кылып чыгарды. Бул назария Маркстын капитализм түзүмүн анализдешине жана ага чабуул кылышына негиз болду.

Маркс мындай дейт: «Товардын кыйматы ага жумшалган эмгек көлөмү менен белгиленет. Бул эмгек көлөмү же зарыл болгон эмгек мөөнөтү – продукция иштеп чыгаруу үчүн коомдук жактан зарыл болгон ар кандай эмгек мөөнөтү». Кийин ал мындай дейт: «Коомдук жактан зарыл болгон эмгек мөөнөтү – бул коомдук нормалдуу өндүрүш шартында жана ушул коомдун орточо деңгээлдеги жарамдуу жана интенсивдүү эмгектенүү шартында кайсы бир продукцияны даярдоодо талап кылынган мөөнөт. Эмгек көлөмү гана – азыр эле айтылып өткөн маанини пикирлесек – т.а. белгилүү бир коомдо кандайдыр бир товарды иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон эмгек мөөнөтү гана ушул товардын кыйматын белгилеп берет. Ошондуктан, демек, кыймат – эмгек т.а. кыйматты эмгек белгилейт.

Маркс дагы мындай дейт: «Кандайдыр бир товардын башка товардын кыйматына салыштырмалуу кыйматы аны иштеп чыгаруу

үчүн зарыл болгон эмгекти ошол башка товарды иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон эмгек мөөнөтүнө карата салыштырып көрүү менен белгиленет. Ушуга ылайык, товар кыйматы – аны иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон эмгек мөөнөтү өзгөрбөгөн соң – өзгөрбөй кала берет. Бирок, товарды иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон мөөнөт эмгек өндүрүмдүүлүгү өзгөрүшүнө карап өзгөрөт».

Эмгек өндүрүмдүүлүгү болсо, түрдүү нерселерге байланыштуу. Анын ичинен, орточо эмгек квалификациясына, илимдин өнүгүүсүнө, продукция иштеп чыгаруу өнөрүн ээлөө деңгээлине, өндүрүш каражаттарынын көлөмүнө, жарактуулугуна жана табигий шарттарга байланыштуу.

Маркс ушундай тыянакка келет: «Эмгек өндүрүмдүүлүгү көтөрүлгөн сайын товар иштеп чыгарууга кеткен мөөнөт азаят, эмгек көлөмү азаят жана товар кыйматы да азаят. Буга тескери түрдө, эмгек эффективдүүлүгү азайган сайын товар иштеп чыгарууга кеткен мөөнөт көбөйөт жана товар кыйматы да көтөрүлөт. Ушуга ылайык, демек, кандайдыр бир товардын кыйматы эмгек көлөмүнө туура пропорционалдуу түрдө, эмгек өндүрүмдүүлүгүнө карата болсо тескери пропорционалдуу түрдө өзгөрөт. Биз өндүрүмдүүлүктүн өзгөрүшү эмгек көлөмүнө таасир кылып жатканын күзөтөбүз. Ушуга ылайык, демек өндүрүмдүүлүк таасирсиз фактор эмес. Тескерисинче, ал эмгек көлөмүнө таасир этиши аркылуу кыйматка да таасир этет».

Маркс «кыймат түздөн-түз эмгек менен гана белгиленбейт, балким, товар иштеп чыгарган жумушчулардын түздөн-түз эмгеги менен да жана бул товарды иштеп чыгарууда иштетилген эмгек куралдарын иштеп чыгарган кишилердин кыйыр эмгеги менен да белгиленет» деп эсептейт.

Маркс эмгек көлөмү ага кеткен сааттар менен өлчөнөт деп эсептейт. Бирок, бул сааттардын табияты бирдей болбойт. Себеби, бир иштин саатын башка иш саатына теңештирип болбойт. Мына ушул жерде Маркс татаал (квалификациялуу) эмгекти жөнөкөй эмгекке салыштыруу зарыл деген жолду карманат. Себеби, татаал эмгек жөнөкөй эмгектин салыштырма даражасы. Бирок, салыштырма эмгекти кандай билип алабыз? Т.а. татаал эмгекти жөнөкөй эмгекке салыштыруу даражасын кантип аныктайбыз? Маркс мында продукцияларды бири-бирине салыштыруу даражасына негизделет. Мисалы, айкел жасоочу адамдын эки саат эмгек кылышын талап кылган кичине айкел таш кесүүчүнүн

жыйырма саат эмгек кылышын талап кылган таш көтөрүү менен салыштырылса, бул нерсе айкел жасоочу адамдын бир сааттык эмгеги таш кесүүчүнүн он сааттык эмгегине тең экенин көрсөтүп берет. Ушуга ылайык, демек салыштырма даража т.а. айкел жасоочу адамдын эмгегин таш кесүүчүнүн эмгегине салыштырма даражасы – он.

Мына ушундан Маркстын «эмгек көлөмү» назариясын иштеп чыгууда Рикардодон канчалык таасирленгени жана кыйматты түшүндүрүүдө Рикардого окшоп базар күчтөрүнө, т.а. айырбаштоого кайрылууга мажбур болгону анык көрүнүп турат. Маркс өзүн «мындан эмгек назариясы куткарды» деген ойго келгенден кийин ушундай жол карманды.

Маркс «нерсенин «керектөө кыйматы» т.а. манфаат болушу мүмкүн, бирок, анын айырбаштоо кыйматы болбошу мүмкүн» деген тыянакка келет. Бул үчүн – дейт ал – нерсенин эмгек жемиши болбостон туруп пайдасы болушунун өзү жетиштүү. Мисалы, аба, суу, чөл, корук жерлер сыяктуу. Бирок, башка тараптан Маркс «мунун тескериси туура эмес» деген тыянакка келет. Себеби – дейт ал – эгер ар кандай нерсе пайдалуу болбосо анын кыйматы болушу мүмкүн эмес. Эгер, пайдалуу болбосо ага бекер эле эмгек жумшалган болот жана натыйжада бул эмгек эч кандай кыйматты жүзөгө келтирбейт.

Мына ушундан Маркс манфаатты кыймат үчүн зарыл деп эсептегени жана кыйматтын негизги шарты деп билгени маалым болууда. Бирок, башка тараптан ал кыйматты түшүндүрүүдө да, аны салыштырууда да манфаатка негизделбейт. Мисалы, ал «биз продукцияларды башкасы менен айырбаштаганыбызда алардын керектөө кыйматын эсепке албайбыз, бул анык» деген жыйынтыкка келген. Бул болсо Рикардонун «манфаат кыймат менен байланыштуу» деген позициясынын өзү экендиги даана көрүнүп турат. Маркс кыйматты түшүндүрүүдө керектөө кыйматын чыгарып таштоону «керектөө кыйматы малдарда бирдей болбойт, ар бир малда, ар бир адамда башка-башка болот» деп түшүндүрөт. Маркс «керектөө кыйматы, нерселер кыйматы чыгарып ташталгандан кийин анын бардык нерседе бар болгон бир ортоктош сыпаты гана калат. Ал да болсо, анын адам эмгегине т.а. адамдын эмгек, күч жумшашына барып такалышы. Мында бул эмгек, күчтүн кандай көрүнүштө жумшалгандыгынын мааниси жок» деген корутундуга келет.

Маркс эмгек бардык продукциялардагы ортоктош сыпат (т.а. бардык продукциялар – эмгектин натыйжасы) деп эсептөө менен «эмгек – кыйматтын негизи жана эмгек мөөнөтү анын көлөмүнүн өлчөөсү» деген тыянакка келген.

**Кыймат жана кошумча кыймат**

Маркс башка ар кандай товарга карата иштеткен назарияны эмгекке да колдонуп, ушундай жыйынтыкка келген: «Эмгек күчүнүн кыйматы товар иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон эмгек көлөмү менен белгиленет. Ушуга караганда, ишке алуучу кожоюн жумушчуга бул жумушчу ишке жарактуу болуп эмгек кылууну улантышы үчүн зарыл болгон көлөмдү гана берет. Продукция кыйматы менен жумушчу күчүнүн кыйматы ортосундагы айырманы болсо өзүнө алып калат. Бул «кошумча кыймат» делет». Маркс кошумча кыйматтан капитализмге чабуул кылуу үчүн пайдаланды.

Карл Маркс эмгекти алып-сатыла турган башка товарларга окшогон бир товар деп эсептеди. Себеби – дейт ал – жумушчу өз күчү, эмгегин кожоюнга сатат. Ушуга ылайык, жумушчу башка ар кандай товарды сатуучу сыяктуу айырбаштоо кыйматына ээ болот, кожоюндун т.а. сатып алуучунун мүлкүнө айланган керектөө кыйматынан (т.а. эмгектин өзүнөн) болсо баш тартат.

Ушуга негизделип, Маркс «жумушчу эмгек жемиши кыйматына эмес, балким эмгек күчү кыйматына ээ болот» деген жыйынтыкка т.а. «эмгек акы – продукция наркы эмес, балким, жумушчу күчүнө төлөнгөн нарк» деген жыйынтыкка келет. Ушуга ылайык, Маркс эмгек акы продукция кыйматы менен эмес, балким, жумушчу күчүнүн кыйматы менен белгиленет деп эсептейт.

Маркс эмгек менен жумушчу күчүн бири-биринен айырмалады. Ал жумушчу күчү дегенде кишинин эмгек кылышына болгон дене жана зээн кубатын, жөндөмдүүлүгүн назарга алууда. Жумушчу күчү алып-сатыла турган товарга айланса, демек, анын кыйматын товар иштеп чыгарууга кеткен сарп-каражаттар белгилейт б.а. товар иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон эмгек белгилейт деп билет. Маркс муну менен продукция иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон иш саатын о.э. жумушчу өзүн жана үй-бүлөсүн камсыздашы үчүн зарыл болгон тиричилик каражаттарын назарга тутат.

Жумушчу өзүн жана үй-бүлөсүн камсыздашы үчүн зарыл болгон бул минимум менен жумушчунун продукция иштеп чыгарууда эксплуатация кылынган күчү ортосундагы бул айырма «кошумча

кыймат» көрүнүшүндө көзгө урунат. Капиталдын топтолушунун жана өсүшүнүн сыры мына ушунда.

**Маркстын кыйматты талкуугга алышы**

Маркс капитализмге жана жеке менчик мүлкчүлүктүн тарапкери болгон кимселерге болгон душмандыгынан келип чыгып талкуу кылат. Мында ал Европа башынан өткөрүп жаткан абалдан таасирленген. Андан кийин ал капитализм негиздерине жана анын экинчи даражалуу тараптарына токтолуп, аны сынга алып, жер менен жексен кылууда бүткүл ой-пикирин ишке салды.

Маркс кыймат жөнүндөгү талкуусун Смит, кийин Рикардо кайдан баштаган болсо, ошол жерден баштады. Т.а. Маркс «товар кыйматы ага жумшалган эмгек көлөмүнөн турат. Түздөн-түз эмгек болобу же кыйыр болобу, мунун айырмасы жок» деген пикирди билдирди. Рикардо да дал ушул пикирди айткан. Бирок, Маркс капиталды жокко чыгарууну жана ушул капитал жарала турган пайда же процент деген нерсени четке кагууну айткан соң, кыймат менен кошумча кыйматты бири-биринен айырмалады. О.э. ал манфаат болушу зарылдыгын тан алса да, бирок, ал кыйматты белгилегенде манфаатты этибарга албады. Рикардо да дал ушундай кылган. Маркс эмгекке гана маани берди. Кала берсе, анын эмгек менен жумушчу күчүн бири-биринен айырмалашы анын «ишке алуучу кожоюн көргөн пайда т.а. капитал болушунун негизи болгон пайда жарала турган кошумча кыймат бар» деген пикирине жол ачып берди.

Ошондо Маркс жумушчуларга кайрылып, кожоюндар алардын эмгеги жана күчүнүн продукциясы болгон ашыкча кыйматты өздөрүнө алып калып, аларга зулум кылып жатышканын, аларга – Рикардонун эмгек акылары жөнүндөгү назариясы боюнча – эмгек акы катары көр оокатка гана жете турган көлөмдү берип жатышканын айтат.

Маркс өзүнүн пикири боюнча жөнөкөй эмгек менен татаал эмгекти бири-биринен айырмалашына карабастан, «кыймат – бул эмгек» деген пикирди айтат. Муну менен ал эмгектин тиешеси болбогон табият продукцияларын этибарга албаган болот. Себеби, бул продукциялардын – ал таянган негизге ылайык – эч бир кыйматы жок.

Маркс кээде манфаатты кыймат үчүн зарыл жана анын негизги шарты деп эсептесе да, бирок, ал башка тараптан кыйматты түшүндүрүүдө да, аны салыштырууда да манфаатка негизделбейт.

Ошондуктан, ал мындай дейт: «Биз продукцияларды башкасына айырбаштаганыбызда, алардын керектөө кыйматын эсепке албайбыз, бул анык».

Ушул орунда биз туура эмес логикалык тыянакты көрөбүз. Анын мазмуну мындай, Маркс кыйматтын негизи жөнүндө талкуу кылган соң, бардык малдарда ушул кыйматтын ортоктош негизи болушун каалады. Мындан улам, ал манфаатты кыйматтын негизи катары көрүүнү четке какты. Себеби, анын пикиринде манфаат ортоктош негиз болууга жарабайт. Себеби, ал ар бир адамда ар түрдүү болот. Кала берсе, ал эмгек кыйматты түшүндүрүүчү фактор катары экенин айтып, аны ортоктош негиз катары алга сүрдү. Бул эмгек да кудум манфаатка окшоп, анда жумшала турган күч жана машакат ар бир адамда ар түрдүү болушун болсо унутту.

Маркс «манфаат кыймат үчүн зарыл жана аны материалдык жактан колдоп-кубаттоо» деп туруп, кийин аны кыймат түшүнүгүнө да жана кыйматты салыштырууга да киргизбегени эмнеси?!

Маркстын бул «эмгек көлөмү» назариясында турмуш чындыгынан алыстагандыгын көрөбүз. Себеби, көп учурларда айырбаштоо кыйматы т.а. «салыштырмалуу нарктар» товар иштеп чыгарууда жумшала турган эмгек көлөмү менен дал келбейт. Демек, эң чоң кыйматтагы нерселерге эң көп эмгек жумшалган болушу зарыл (шарт) эмес. Себеби, чоң эмгек талап кылган, кыйматы болсо аз болгон нерселер да бар, аз эмгек талап кылып, кыйматы бийик болгон нерселер да бар. О.э. бирдей эмгек талап кылып, бирок, кыйматы ар түрдүү болгон нерселер да бар. Бул айтылып өткөн абалдарды нерселердин манфааты ар түрдүү экени менен түшүндүрүүгө болот.

Кыймат талкуусу жана аны карап чыгуу кийинчерээк келет.

**Традициялык теория**

Традициялык экономисттер өздөрүнүн кыймат назариясы жөнүндөгү талкууларын Адам Смит менен Рикардо иштеп чыккан негиздерге курушту. Бирок, алар кыйматты түшүндүрүүдө керектөө кыйматы менен айырбаштоо кыйматын бири-биринен айырмалап, бул экөөсүнүн пикирине каршы чыгышты жана эки кыйматтын негизи бир эмес деген жыйынтыкка келишти.

Стюарт Мил менен Керри сыяктуу традициялык экономисттер жана башкалар манфаатты жалпы мааниси менен алышты. Себеби, алар нерсенин манфаатына жалпы көрүнүштө маани беришти. Т.а. абстракттуу кыймат деп аталган нерсеге маани беришип, нерсенин

акыркы бөлүгүнүн манфаатына маани берип отурушпады т.а. алар чектүү манфаатты тан алышпады.

Айырбаштоо манфаатына карата болсо, алар кайра иштеп чыгарууга жарактуу болгон нерселерди бири-биринен айырмалашты. Биз бул нерселер жөнүндө алдыда сөз кылган элек. Алар биринчи кыймат иштеп чыгаруу сарп-каражатына байланыштуу, экинчи кыймат болсо, андан өзгөчө (т.а. ага байланыштуу эмес) деген тыянакка келишти.

Традициялык теория керектөө кыйматы менен кайра иштеп чыгарууга жараксыз болгон нерселердин айырбаштоо кыйматын бири-биринен айырмалаганы анык көрүнүп турат. Керектөө кыйматын манфаат деп түшүндүрсө, айырбаштоо кыйматын салыштырмалуу таңкыстык деп түшүндүрөт. Керектөө кыйматы менен кайра иштеп чыгарса боло турган нерселердин айырбаштоо кыйматын да бири-биринен айырмалап, бул айырбаштоо кыйматын иштеп чыгаруу сарп-каражаты менен т.а. эмгек жана капитал менен түшүндүрөт.

Традициялык теориядагы бул акыркы абалды «иштеп чыгаруу сарп-каражаты» назариясы деп аташат.

**Нарк**

Нарк сунуш менен талаптын өз ара кесилиши менен белгиленет. Ушул кесилиш нуктасы тең салмактуулукту т.а. сунуш кылынган товар көлөмү менен талап кылынган товар көлөмүнүн ортосундагы тең салмактуулукту жүзөгө келтирет. Бул нарк тең салмактуулугу бирөө гана болот. Ал гана базардын иш жүзүндөгү чыныгы наркы болот жана ал гана сатыла турган товарлардын мүмкүн болушунча чоңураак көлөмүн жүзөгө чыгарат.

Бул болсо, өз кезегинде толук атаандаштыкка барып такалат. Нарктын бирөө болушунун мааниси мындай, бир убакытта, бир базарда, бир товардын бир канча нарктары болушу мүмкүн эмес. Ушуга караганда, бир нарк жөнүндө сөз кылынганда, бир заман, бир базар жана бир товар назарда тутулат. Ошондуктан, эгер бул шарттардын бирөөсү болбосо, анда бир нарк же нарк тең салмактуулугу жөнүндө сөз кылууга орун жок.

Толук атаандаштык шартында нарктын бирөөлүгү – базардагы сунуш менен талап чокуга чыгышы менен, эркин кирип-чыгуу менен, эркин көчүп жүрүү менен, кабардарлык шарты толук табылышы менен жана товардын бири-бирине окшош түрдө экендиги менен түшүндүрүлөт.

Себеби, эгерде сатуучулардын бири өз товарын башкалардын сатып жатканынан көрө кымбатыраак сатмакчы болсо, кардарлар андан албастан башкалардан сатып алышат. Бул болсо, ошол сатуучуну наркты түшүрүүгө мажбур кылат. Башка тараптан болсо, кандайдыр бир продукцияны базар наркынан арзаныраак сатууга да эч бир негиз жок. Себеби, наркты базар наркынан арзандатуу ошол продукцияны сатып жаткан кишинин манфаатына туура келбейт. Андыктан, ал сатмакчы болгон продукциянын ар кандай көлөмүн базар наркында сата алат. Анткени, наркты түшүрүү жалпы пайданын азайышына алып келет.

Ушуга ылайык, толук атаандаштык жүргөн базарда бир нарк гана болушу мүмкүн.

Нарк тең салмактуулугу же сунуш менен талап тең салмактуулугу деп ушул айтылат. Сунуш менен талап тең салмактуулугуна толук атаандаштык жүргөн базарда гана жетишүүгө болот. Толук атаандаштык шарттары төмөнкүлөр:

Сатуучулардын саны да, кардарлардын саны да чоң болушу керек. Ушундай бир даражада дейсиң, сатуучулардын же кардарлардын биринин базардан чыгып кетиши базардын абалына таасир кыла албашы керек. Сунуштун чокуга чыгышы жана талаптын чокуга чыгышы деп ушул айтылат. Сатуучулар же кардарлар өз ара келишип албаш керек. Сатуучулар да, кардарлар да базар абалынан толук кабардар болуулары тийиш. Бул болсо бир жыныстагы товар болушу менен жана бир убакытта болот.

Ушулардын баарынан кийин экономисттердин изилдөөлөрүндө мындай делет: тең салмактуулуктуу нарктан жогору болгон ар кандай нарк сунуш менен талап механизми натыйжасында автоматтык түрдө ушул тең салмактуулук наркына түшөт. О.э. тең салмактуулук наркынан кем болгон ар кандай нарк да сунуш менен талап механизми натыйжасында өз-өзүнөн ушул тең салмактуулук наркына көтөрүлөт. Демек, тең салмактуулук наркы гана базардагы чыныгы нарк болуп эсептелет.

**Сунуш жана нарк туурасында**

Базар күчтөрү: т.а. капиталисттик түзүмдөгү сунуш менен талап жана нарк иштелип чыга турган ресурстарды түрдүү иштеп чыгаруу тармактарына т.а. продукция иштеп чыгаруучуларга бөлүштүрөт. Иштелип чыккан ресурстар наркын (акчасын) төлөй ала турган продукция иштеп чыгаруучу бул ресурстардын каалаган

нерсесин алышы жана акчасын төлөй албаган башка продукция иштеп чыгаруучуларды куру жалак калтырышы мүмкүн.

О.э. базар күчтөрү иштелип чыккан продукцияларды керектөөчүлөргө бөлүштүрөт. Керектөө товарларынын наркын төлөй ала турган керектөөчү бул товарлардан каалаган нерсесин алышы жана башкаларды алардан куру жалак калтырышы мүмкүн.

**Нарктын ролу**

Продукция иштеп чыгаруу факторлору базарында же керектөө малдары базарында сунуш менен талаптын ортосунда тең салмактуулук жок болуп калгыдай болсо, нарктардагы өзгөрүүлөр сунуш менен талаптын ортосундагы тең салмактуулукту кайра тикелейт.

Мисалы, продукция иштеп чыгаруучулардын иштеп чыгаруу факторлоруна болгон талабы сунуштан көбөйүп кетсе, же керектөөчүлөрдүн керектөө малдарына болгон талабы сунуштан көбөйүп кетсе, нарк сунушту көбөйтө турган жана талапты азайта турган даражада көтөрүлөт, акыры келип сунуш менен талап тең болуп калат. Эгер, талап сунуштан кем болсо, нарк экөөсү ортосундагы тең салмактуулукту тикелей турган даражада төмөндөйт.

Мына ушундан, иштеп чыгаруу факторлорун продукция иштеп чыгаруучулар ортосунда бөлүштүрө турган жана керектөө малдарын керектөөчүлөр ортосунда бөлүштүрө турган нерсе нарк экени анык көрүнүп турат. Нарктагы өзгөрүүлөр болсо, иштеп чыгаруу факторлору базарындагы жана керектөө малдары базарындагы тең салмактуулукту тикелейт.

Дагы көрүнүп тургандай, базар күчтөрү керектөөчүнүн каалоосун айгинелейт. Ушул мааниде дейсиң, продукция иштеп чыгаруу сыпат жагынан да, көлөм жагынан да бул каалоолорго жооп берет т.а. керектөөчүлөрдүн белгилүү бир товарга болгон талабынын көбөйүшү ошол товар наркынын көтөрүлүшүнө алып келет, бул болсо өз кезегинде товарды көп иштеп чыгарууга алып келет. Бул болсо, продукция иштелип чыга турган ресурстардын чоң бөлүгүн ошол товарды иштеп чыгаруу үчүн бөлүүнү талап кылат.

Демек, керектөөчү да кудум нарк сыяктуу акыры келип продукциянын көлөмү жана сыпатын белгилөөгө т.а. продукция иштелип чыга турган ресурстарды иштеп чыгаруу тармактарына бөлүштүрүүгө өз таасирин өткөрөт.

# ЭКОНОМИКАЛЫК ПРОБЛЕМА ТАЛКУУСУ

Салыштырмалуу таңкыстык абалы экономикалык проблема эмес. Себеби, алар муну ката негиздерге курушуп, туура эмес негизден келип чыгышты. Себеби, алар инсан муктаждыктары жаңыланып турат жана ар түрдүү, демек, бул муктаждыктардын чегарасы жок. Кандыруу каражаттары болгон товарлар жана кызматтар болсо канчалык көп болбосун, баары бир чектелүү дешет.

Бул сөз ката жана турмуш чындыгына тескери келет. Мунун тафсилаты төмөнкүдөй: биз инсандын негизги (асасий) муктаждыктары менен жогорку (камалий) муктаждыктарын бири-биринен айырмалашыбыз зарыл. Себеби, инсандын негизги муктаждыктары бирдей, алар өзгөрбөйт, көбөйбөйт да азайбайт. Бул муктаждыктарды сөзсүз кандыруу талап кылынат. Бул муктаждыктар жемек-ичмек, кийим-кече, турак-жайга чектелген. Канчалык технологиялык өнүгүү жүз бербесин жана тиричилик каражаттары канчалык өнүкпөсүн, бул муктаждыктар ошол бойдон өзгөрбөстөн кала берет. Жаңы-жаңы кандыруу каражаттары канчалык көбөйүп, түрдүү-түмөн болбосун, негизги муктаждыктар чектелүү боюнча калат. Арийне, аларды кандыруу эч кандай проблеманы туудурбайт жана эч кандай тоскоолдукту жаратпайт. Адамдар саны болсо чектелүү. Алла Таала жер жүзүндөгү ар бир жөрмөлөгөн жанга ырыскы берүүнү Өз кепилдигине алган.

Алла Таала айтат:

﴿وَمَا مِن دَآبَّةٍ فِي ٱلۡأَرۡضِ إِلَّا عَلَى ٱللَّهِ رِزۡقُهَا﴾

- ***«Жерде жөрмөлөгөндүн баарысынын ырыскысы Алладан»***. [11:6]

Алгачкы доорлордо инсан ушул муктаждыктарды кандыруу көз карашынан келип чыгып, аракет кылган. Бул муктаждыктарды кандырышында эч кандай проблема болбогон. Мал чарбачылык менен алектенген кылымдарда да, дыйканчылык кылып жерден пайдаланган кылымдарда да абал ошол бойдон өзгөрбөгөн. Өнөржай өркүндөөсүнө, маданиятка жана өнүгүүгө жеткен кылымда да, ал тургай мына бул тездик кылымында жана космос багындырылган кылымда да, бул негизги муктаждыктарды кандыруудагы абал ошол бойдон, өзгөрбөгөн.

Ал эми, өнөржай өркүндөп, технология өнүгүп барышы менен муктаждыктардын т.а. каалоолордун өсүп барышына келсек, бул нерсе камалий муктаждыктарга гана карата болуп жатат. Негизги муктаждыктар болсо өспөйт, өз чегарасында кала берет. Ал эми,

жогорку муктаждыктар кандырылбаса эч кандай проблема келип чыкпайт.

Бул таң калтыруучу өнөржай өнүгүүсү шартында да инсан баягы эле инсан бойдон кала берет, өзгөрбөйт, таптакыр өзгөрбөйт, анын муктаждыктары да ошол-ошол бойдон калат, өзгөрбөйт. Эгер ар тарапка кулач жайган бул дүйнөдөгү геокалкты көз алдыга келтирсек т.а. бул жер шаарынын бардык калкына, алар жашаган түрдүү региондорго, түркүн жашоо образдарына токтолсок, тиричилик каражаттары жаатында абдан чоң айырма бар экенин, мындай каражаттар айрым региондордо жетиштүү жана көп экенин, башка региондордо болсо абдан аз экенин көрөбүз. Бирок, бул жерлерде негизги муктаждыктарды кандырууга тиешелүү эч кандай экономикалык проблема көрүнбөйт.

Бирок, Батыш экономисттери бул инсан жөнүндө маддий көз караштан туруп талкуу кылышкан соң, негизги муктаждыктар менен жогорку муктаждыктар ортосундагы айырманы бөлүп чыгышпады. Алардын айтымында, муктаждыктардын чегарасы жок, ушунча көп көлөмдөгү товар менен кызматтар бул чегарасыз муктаждыктарды кандыруу үчүн жетиштүү эмес, ошондуктан экономикалык проблема жашап тура берет.

Алар өздөрүнүн экономикалык назарияларын ката, туура эмес, турмуш чындыгына тескери негиздерге курушканын катъий жана анык далилдешибиз үчүн, жөнөкөй кызыгуу жана башталгыч изилдөөлөр эле эмес, балким жашоо образы ар түрдүү болгон коомдор абалынан алынган чыныгы мисалдардын өзү жетиштүү. Мисалы, Вашингтон, Нью-Йорк, Лондон, Париж жана башка шаарларга назар таштасак, алардагы калк, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү, мисалы, бир же андан көп автомашинага ээ экендигин көрөбүз. Андан кийин Ортоңку Чыгыш, Африка, Чыгыш Азиядагы шаар жана айылдарга, чөлдөргө келсек, жүздөгөн, а түгүл миңдеген адамдардын бир автомашинага да ээ эмес экенин көрөбүз. Ко-ош, мындай нерсе аларда кандайдыр бир проблеманы туудурдубу? Алардын негизги муктаждыктарын кандырууга мунун таасири болдубу? Албетте жок.

Демек, алардын негизги катасы – негизги муктаждыктар менен жогорку муктаждыктарды бири-биринен айырмалашпаганында. Демек, чегарасыз муктаждыктар деген нерсенин өзү жок. Тескерисинче, муктаждыктар чектелүү. Товарлар менен кызматтар т.а. кандыруу каражаттары ар кандай шартта, адамзат басып өткөн

ар бир кылымда ар дайым муктаждыктардан көп эсе артык болгон. Демек, эч кандай проблема жок.

Кандыруу каражаттары болгон товарлар менен кызматтар абдан көп, магазиндерге дээрлик батпай калган, базарларда басылып жатат. Ошого карабастан, жакырчылык, өлбөстүн күнүн көрүү дагы деле токтобой келет. Мунун себеби, жаман бөлүштүрүү жана муктаждыктарды толук кандыруу үчүн мына ушул үлкөн көлөмдөгү товар менен кызматтарды коомдун ар бир мүчөсүнө бөлүштүрүүнү кепилдей турган экономикалык түзүмдүн колдонулбай жатканында. Демек, проблема бөлүштүрүүдө гана.

Инсандын муктаждыктары фитрий (тубаса). Ошондуктан, ар бир инсан ыктыярсыз умтулуп, өз муктаждыктарын кандыра турган нерсени издейт. Негизги муктаждыктар жеп-ичүү, кийим-кече, турак-жай экенин айтып өттүк. Алгачкы кылымдарда жашаган инсан үңкүрлөрдү өзүнө башбаанек кылып алган. Кийинчерээк алачыкта жашаган. Алачыкты башбаанек кылып алган. Үңкүрдө же алачыгында уктап, ырахаттанган, өргүгөн. Кийин үйлөрдү кура баштады, алардын планын түзүүдө жана курууда чебердикке жетишти. Мына ошондо да ал аксарайларда жашайбы же үңкүр жана алачыкта жашайбы, буга карабастан, башбаанекке болгон муктаждыгын кандырышы бирдей болгон.

Инсандын жеп-ичүүгө болгон муктаждыгына карата да ушундай. Себеби, аны кандырууга умтулушу фитрий жана ыктыярсыз. Инсан айбандар жана балыктарга ууга чыгып, жерден өнүп чыккан мол-көл өсүмдүктөрдү жана түркүн мөмөлөрдү жейт. Анын жеп-ичүүгө болгон муктаждыктарынын кандырылышы ага ырахат, эргүү багыштайт. Бүгүн инсан өзүнө табиттүү тамак-аштарды жетиштүү деңгээлде даярдап жатканы буга толук кандуу мисал боло алат.

Алла Субханаху ва Таала дейт:

فَلْيَنظُرِ الْإِنسَانُ إِلَى طَعَامِهِ ۩ أَنَّا صَبَبْنَا الْمَاء صَبّاً ۩ ثُمَّ شَقَقْنَا الْأَرْضَ شَقّاً ۩ فَأَنبَتْنَا فِيهَا حَبّاً ۩ وَعِنَباً وَقَضْباً ۩ وَزَيْتُوناً وَنَخْلاً ۩ وَحَدَائِقَ غُلْباً ۩ وَفَاكِهَةً وَأَبّاً ۩ مَّتَاعاً لَّكُمْ وَلِأَنْعَامِكُمْ

- ***«Эми инсан өзүнүн тамак-азыгына карап көрсүнчү! Биз*** *(асмандан)* ***суу-жамгыр төктүк. Андан соң Жерди*** *(чөптөр менен)* ***жардык. Анан Биз анда дан өсүмдүктөрүн, жүзүм жана жашылчаларды, зайтун жана курмаларды, калың даракзар бактарды, мөмө-жемиштерди, жайыттарды силер жана малдарыңар пайдалансын үчүн өндүрүп-өстүрүп койдук го!».*** [80:24-32]

Алла Азза ва Жалла дагы мындай дейт:

وَاللّهُ جَعَلَ لَكُم مِّن بُيُوتِكُمْ سَكَناً وَجَعَلَ لَكُم مِّن جُلُودِ الأَنْعَامِ بُيُوتاً تَسْتَخِفُّونَهَا يَوْمَ ظَعْنِكُمْ وَيَوْمَ إِقَامَتِكُمْ وَمِنْ أَصْوَافِهَا وَأَوْبَارِهَا وَأَشْعَارِهَا أَثَاثاً وَمَتَاعاً إِلَى حِينٍ ۝ وَاللّهُ جَعَلَ لَكُم مِّمَّا خَلَقَ ظِلاَلاً وَجَعَلَ لَكُم مِّنَ الْجِبَالِ أَكْنَاناً وَجَعَلَ لَكُمْ سَرَابِيلَ تَقِيكُمُ الْحَرَّ وَسَرَابِيلَ تَقِيكُم بَأْسَكُمْ كَذَلِكَ يُتِمُّ نِعْمَتَهُ عَلَيْكُمْ لَعَلَّكُمْ تُسْلِمُونَ

- ***«Алла силер үчүн үйүңөрдү турак жай кылды жана силер үчүн үй айбандарынын терилеринен көчкөн кезде же отурукташкан учурда жеңил пайдаланыла турган башбаанектер берди жана да*** *(койлордун)* ***жүндөрүнөн,*** *(төөлөрдүн)* ***чуудаларынан жана*** *(эчкилердин)* ***тыбыттарынан белгилүү бир убакытка чейин пайдалана турган курал жана буюмдар*** *(жаратты).* ***Алла силер үчүн Өзү жараткан нерселерден салкын жайларды берди жана силер үчүн тоолордон башбаанектер кылды о.э. силер үчүн ысык-***(*суук*)***тан сактай турган кийимдерди жана согушта коргоно турган соотторду*** (*пайда кылды).* ***Мына ушундай түрдө силерге неъматын толук кылып берди. Балким, (Аллахка) моюн сунарсыңар»***. [16:80-81]

Инсандын кийимге болгон муктаждыгына келсек, ал өз денесин жаап турган же ызгардуу суук жана куйкалаган ысыктан коргой турган кийимге умтулушу табигий. Бул жаатта да ал эч кандай проблемага туш келбеген. Азыр инсан бул муктаждыгын заманбап кандыруу каражаттары менен кандырууда. Адам жерде уктаса да, саман, камыш, жумшак төшөк, кроваттарда уктаса да, булардын баарында анын уйкусу ошол бойдон, бирдей уйку болуп ага ырахат жана өргүү багыштаган. Дал ушул сыяктуу эле, инсан өзүнүн авратын жана уят жайларын беките турган, катуу суук же катуу ысыктан сактай турган кийимди издеп табууга табигий түрдө умтулат. Инсан кийим-кечени тарых таңында эле билген, турак-жайларды да билген. Мына бул илгерки бийик сарайлар, ихрамдар, ибадатканадагы эстеликтер дагы деле сакталып, көз алдыбызда турат. Алар жана башкалар эч кандай машина, технология, өнөржай өнүгүүсү болбогон ошол доорлордо да инсандын башбаанекке, кийимге, азык-түлүккө болгон муктаждыктары кандырылганын көрсөтүп турат. Бул негизги муктаждыктарды жана башкаларды кандыруу акыбетинде кандайдыр бир проблема жүзөгө келгенин тарых бизге баян кылбаган.

Демек, илгерки кылымдарда инсандын негизги муктаждыктарына таандык нерселерде эч кандай проблема болбогон жана азыркы кылымда да проблема жок. Бирок, бүгүн бүз Африка жана кээ бир Азия мамлекеттеринде күбө болуп турган ачарчылыктарга келсек, бул капиталисттик түзүмдүн саясаты жана жемиши болгон

колонизаторлуктун натыйжасы, мына ушул мамлекеттердеги байлыктарды талап-тоноп, ташып кетүү, алардын ресурстарынан пайдалануу максатында Батыштын колонизатор мамлекеттери жана Америка уюштуруп жаткан кыргындардын натыйжасы. Бул согуштар жана массалык кыргындардын натыйжасында турак-жайларын таштап кетүүгө мажбур болгон адамдар толкуну пайда болду. Бул адамдар үстүнө башбаанек жана жегени азык табалбай жатышат. Таасир жана пайда талашып, өз ара күрөшүп жаткан колонизаторлор мына ушул адамдарга азык-түлүк жана гуманитардык жардамдарын тезинен жеткирип берип жатышканын айтышууда. Бул кудум айбандарды союуга даярдоо үчүн аларды жем берип багып жатканга окшойт.

Алар проблема жана анын чыныгы вакиълиги жаатында ката кетиришкендей, аны дабалоодо да каталык кетиришти. Себеби, алар товар менен кызматтар муктаждыктарга салыштырмалуу аз т.а. товар менен кызматтар чектелүү. Ошондуктан, чексиз муктаждыктарды кандырууга жетпейт. Демек, проблема чечилбестен кала берет деген пикирди билдиришти. Ал эми, бул каталык маселени дагы да туура эмес дабалоого алып келди. Алар түрдүү ката жолдорду карманышты, алардын бүткүл аракеттери товар менен кызматтарды көбөйтүүгө, дагы да көбүрөөк продукция иштеп чыгарууга каратылды. Бул товар менен кызматтарга баарынын колу жетиши үчүн т.а. базарда мол-көл болушу үчүн ушундай кылышты. Аларды сатып алууга баарынын күчү жетеби, же көпчүлүктүн, же айрымдарынын курбу жетеби, буга көз жумушту. Алар бардык адамдардын муктаждыктарын толук кандыруу жолдорун издешпеди. Себеби, алар бул мүмкүн эмес деп эсептешет. Ошондуктан, алар базарга көп көлөмдөгү товар менен кызматтарды чыгарышты. Мүлк эркиндиги жана эмгек эркиндиги эрежеси ар бир адамдын эмес, балким, адамдар топтомунун муктаждыктарын кандыруу мүмкүнчүлүгүн берет деген ойдо ушундай кылышты.

Коомдо, адамдар арасында товар менен кызматтарды көбөйтүү бир нерсе болсо, аларды бөлүштүрүү башка нерсе экендиги алардын оюна келбеди. Анткени, товар менен кызматтарды көбөйтүү, өстүрүү, базарда мол-көл болушун камсыздоо алардын вакиъи жана маани-маңызы жөнүндөгү талкуу болуп, бул жагдайды экономика илими үйрөнөт. Ал эми, экономика илими менен экономикалык түзүмдүн ортосунда абдан чоң айырма бар. Себеби, товар менен кызматтарды, башка манфааттарды коом мүчөлөрүнө

бөлүштүрүүнү экономикалык түзүм чечип берет. Экономикалык түзүм – вакиъликти түшүнүүгө о.э. проблеманы чечүүгө тиешелүү пикирлер жана өкүмдөр. Т.а. проблеманы түшүнүү жана чечүү үчүн пикир же өкүмдү ушул проблема вакиълигине салып көрүү. Арийне, бул түзүм жашоо жөнүндөгү көз караштан келип чыккан болушу зарыл. Натыйжада, ал хос болуп калат. Себеби, ал үммөт акыйдасына жана анын жашоо жөнүндөгү көз карашына байланыштуу.

Экономика илими болсо, жалпы жана дүйнөлүк болуп, мадда жөнүндө, аны заманбап технология каражаттары боюнча талдоо, көбөйтүү жана өстүрүү жөнүндө талкуу кылат. Ал Америка, Россия, Кытай, Индия жана башкаларда бирдей. Экономика илими менен экономикалык түзүмдү бири-бирине аралаштырып жиберүүлөрүнүн акыбетинде алар проблеманы дагы да чаташтырып жиберишти. Б.а. алар манфааттар жана кызматтарды коом мүчөлөрүнө бөлүштүрүүнү илимий изденүүгө т.а. тажрыйбалык изденүүгө тапшырып коюшту. Алар бул жаатта ийгиликке жетиштик деп эсептешти. Себеби, базарлар атаандаштык жана ач көздүк негизинде товарларга, кызматтарга, кандыруу каражаттарына, өнөржай продукцияларына толуп кеткенин көрүштү. Ушулардын баарынан кийин алар «төөнү ийненин тешигинен өткөрмөкчү» болушту. Алар мүлк эркиндиги жана кабардар болуу эркиндиги бул байлыктар, манфааттар жана кызматтарды коом мүчөлөрү топтомуна бөлүштүрүүнүн кепилдиги деп, терс дабалоолор (муалажа) жолуна өтүштү. Бул дабалоолор жардамында ушул экономикалык проблеманы чечмекчи болушту. Мындан мурун алар калктын өсүшү же демографиялык проблема деп аташкан нерсеге туш келишкен. Алар оболу чиеленген демографиялык проблеманы чечпей туруп, экономикалык проблеманы чечүү мүмкүн эмес деген пикирди билдиришти.

Белгилүү назария автору Мальтус мындай дейт: «Инсандын насил калтыруу кубаты жердин инсан өмүрү үчүн зарыл болгон түшүмдүүлүк кубатынан чоңураак». Ошондуктан, Мальтус калктын өсүшүнүн көрсөткүчү азык-түлүктүн көбөйүшү көрсөткүчүнөн айырмаланат деген тыянакка келген. Себеби, калк – анын пикиринде – тоскоолдуктар болбогондо геометриялык прогрессия боюнча өсөт. Т.а. ар 25 жылда эки эсеге өсүп барат. Ошол эле учурда, азык-түлүк продукциялары тоскоолдуктар болбогондо, арифметикалык прогрессия боюнча өсүп барат. Өсүп баруу көрсөткүчү төмөнкүдөй болот:

Калк – 1-2-4-8-16-32-64-128-256

Азык-түлүк продукциялары – 1-2-3-4-5-6-7-8-9

Мисалы, бир кылым ичинде калктын саны 16 эсеге көбөйсө, дал ошол мөөнөт ичинде азык-түлүк продукциялары беш эсеге гана көбөйөт. Андан кийин Мальтус «зарылдык мыйзамы» деген жыйынтыкка келет. Бул мыйзам эки күч ортосунда теңдикти автоматтык түрдө жүзөгө келтирүү үчүн бул проблеманы чечип берет деп билет. Мунун тафсилаты төмөнкүдөй:

Инсан азыксыз жашай албайт, ошондуктан, эгер калктын саны азык-түлүк көбөйүшү көрсөткүчүнөн чоңураак көрсөткүчтө өсө турган болсо, табият аралашып, зарылдык мыйзамы өз ишин кылышы анык болуп калат. Мында ачарчылыктар жүз берет, холерага окшогон оорулар кең таралат, туулган балдардын саламаттыгы начар болот, согуштар болот. Бул болсо, калктын санын азык-түлүк продукциялары жол бере турган чегарага чейин азайтат.

Калктын саны менен азык-түлүк ортосундагы теңдик инсан каалоосуна байланыштуу болбогон курман болуулар көрсөткүчүндөгү өзгөрүүлөр аркылуу автоматтык түрдө ишке ашат. Демек, инсан калктын саны менен азык-түлүк продукциялары ортосундагы теңсиздик проблемасын азык-түлүк продукциялары жагынан эмес, инсаний элемент жагынан чечилишине туш келет.

Демек, алар терс иш-чаралар көрүү жолуна өтүү экономикалык проблеманы чечүүгө салым кошот деп билишет. Ошондуктан, согуштардын болушу, кеч үйлөнүүлөр, төрөттү азайтуу зарыл дешет. Муну абдан аз бала төрөлүү даражасын сактап калуу, кыңыр жолдор менен жана жашыруун таризде буюруп, мүмкүн болушунча көбүрөөк бөбөктөрдү курман кылуу аркылуу күнөө жолуна өтүү менен, кала берсе, кош бойлуулукка жол бербей турган дарыларды бекер таркатып, алардын керектелишине кызыктыруу, сыйлыктарды берип болсо да төрөттү азайтуу, айрыкча, кембагал үй-бүлөлөрдө, артта калган коомдордо жана өнүгүп келе жаткан коомдордо ушундай жол тутуу менен ишке ашырышат. О.э. алар холера ооруларынын жана башка коркунучтуу кеселдиктердин таралышында табияттын маанилүү ролу бар деп билишет.

Бул жерде проблеманы терс жактан чечүүгө жардам бере турган башка факторлор да бар. Анын ичинен, жер силкинүүлөр, суу ташкындары, бороондор, кар көчкүлөрү сыяктуу табигий

кырсыктар. Алардын пикиринде, бул факторлордун баары калктын тез өсүп барышын азайтып, экономикалык проблеманы чечүүгө жардам берет.

Мисалы, табигий кырсыктар канчалаган инсандын өмүрүн алып кетти дейсиз!!! Иран, Афганистан, Россия, Түркия, Мексикада жүз берген зилзалаларда канчадан-канча адамдар набыт болду. Бангладеш, Түндүк Европанын айрым региондору жана АКШдагы суу ташкындары, бороондор жана кар көчкүлөрүдө канчадан-канча адамдар көз жумду. Индияда жана ажылык мезгилинде Маккаи мукаррамада канчалаган адамдар мээ кайнаткан ысыкта курман болушпады.

Алардын пикиринде бул кырсыктардын баары эки күч – Мальтус назариясы боюнча, калк өсүшүнүн күчү менен азык-түлүк өсүшүнүн күчү – ортосундагы теңдикти автоматтык түрдө жүзөгө келтирүүдө жардам берүүчү фактор.

Кембридж университетинин тарых жана саясий экономика боюнча профессору болгон бул англис пастору Мальтустун дагы бир экстремисттик пикири да бар. Анын айтышынча, инсан насил калтыруудан качып, жыныстык инстинктин үйлөнбөстөн (т.а. никесиз) кандыруу жолуна өтүшү зарыл имиш. Негизи, ал өзү үйлөнгөн жана эки кыз, бир уулдуу болгон.

Алар илимий назариялар о.э. технологиялык каражаттарга кайрылышып, бул экономикалык проблема ушул назариялар жана каражаттарды колдонуу менен чечилет деп эсептей турган болушту.

Мүлк эркиндиги жана эмгек эркиндиги принцибине бөлүштүрүүнүн кепилдиги деп кайрылуулары болсо, алардын каршысында проблеманы дагы да чаташтырган башка эшиктерди ачып берди.

Мүлк эркиндиги принциби мүлкчүлүктү тартипке сала турган чектөөлөрдү жок кылууну түшүндүрөт. Т.а. алар коомдо экономикалык тең салмактуулукту пайда кыла турган факторлорду сындырып ташташты. Акыбетте, айла-амалдар жана кыңыр ыкмалар жаатында чебердиги ашып кеткен ач көз кимселер жана монополисттер тизгинден чыгып, өз байлыктары жана акчаларын жан үрөп көбөйтүүгө киришишти. Натыйжада, коомдордо чектен ашкан байлар жана абдан жакыр адамдар пайда болду. Миллиардерлер, ири мүлк ээлери пайда болду. Таштанды тытып күн көрө турган адамдар да пайда болду. Булардын баарына, проблема – экономикалык түзүм

менен эмес, балким экономика илими менен, мүлкчүлүк кайфиятын жана бул мүлктү тасарруф кылуу кайфиятын тартипке сала турган катъий эрежелер жана түшүнүктөр менен эмес, балким, мүлк эркиндиги жана эмгек эркиндиги менен – чечилгени себеп болду. Алар коомго тең салмактуулук принцибин колдонууну этибарсыз калтырышып, аны четке кагышты.

Коомдо тең салмактуулукту пайда кылуу эрежеси:

Малдын (акча) бир ууч байлар ортосунда гана айланышына жол койбоо, малды казына кылып басып жатуунун арамдыгы, жалпы эл мүлкүнүн чегаралары жана бул мүлк бөлүштүрүлө турган тарап, ишке жарабай турган кишилерге жардам берүү жана муктажды жетиштүү камсыздоо эрежелерин иштеп чыгуу, байлардын малдарынан кембагал жана мискиндерге бериле турган акыны фарз кылып белгилеп коюу, рибаны, алдамчылыкты, шылуундукту, монополияны арам кылуу сыяктуу өкүмдөр коомдо тең салмактуулукту пайда кылат жана катмарларга бөлүнүүгө жол бербейт. Алар бул тең салмактуулук эрежесин этибарга алышпастан, аны четке кагышты. Себеби, бул эреже алардагы негизги эрежелер болгон төрт эркиндикке, эң оболу эркин экономикага карама-каршы келет.

Алардын экономика илими менен экономикалык түзүмдү аралаштырып жиберишкени даана көрүнүп турат. Мунун акыбетинде экономикалык түзүм экономика илимине кошулуп, жок болуп кетти. Эми, алардын манфааттарга коом негизделиши зарыл болгон таризде эмес, кандай болсо ошондой ката көз караштарына келсек, бул жөнүндө төмөнкүлөрдү айтабыз.

Алардын пикиринде, каалана турган бардык нерсе – манфаат. Демек, продукция иштеп чыгаруучулар товар менен кызматтарды т.а. манфааттарды көбөйтүп, керектөөчүлөрдүн каалоолоруна жооп бериши керек. Керектөөчүлөр ушул манфааттар менен өз муктаждыктарын жана каалоолорун кандырышат. Бул манфааттар арак болобу, же наша жана апийим болобу, мунун айырмасы жок. Бул кызматтар дискотекалар, же бузук тамаша жана ыр шоулары болушунун, же сойкуканалар болушунун айырмасы жок.

Мындай каалоолордун ээси болгон адамдар жана аларга окшогон кимселер өз коомунун бир бөлүгү болуп эсептелет т.а. алардын өз коомунда жашоолору аларга ушундай бир чөйрөнү калыптандырып берет дейсиң, алар коомду калыптандыра турган пикирлер жагынан да, же ушул коомду тартипке сала турган

байланыштар жагынан да мына ушул чөйрөдөн чыгышпайт. Демек, коом өз пикирлери жана түзүмү менен өз мүчөлөрүнө жашоо образын жана байланыштар түрүн белгилеп берет. Булардын баары коомдун акыйдасынан жана көз карашынан келип чыгат. Анын мүчөлөрү ушул акыйда жана көз карашка итикад кылышат. Демек, муну менен таптакыр жакындабоо шарт болгон тыюу салынган нерселер жаатында да, катуу моюн сунуу жана коргоо шарт болгон негиздер жаатында да өз ара келишип алынган болот. Бул коомдун кайсы бир мүчөсүнүн бул негиздерден чыгып кетиши же мына ушул тыюу салууларды бузуп өтүүгө батынышы жашоо образынан чыгып кетүү, байланыштарды үзүү жана коомду бузуу болуп саналат.

О.э. кишилердин тыюу салынган манфааттарды – аларды каалаган кишилер бар деген далил менен – иштеп чыгарышы да бул чөйрөнү сындыруу жана бул вужудду т.а. адамдар, пикирлер, туйгулар, байланыштардан (түзүм) түзүлгөн коом вужудун кыйратуу болуп эсептелет. О.э. ал бул имараттын пайдубалы болгон жашоо жөнүндөгү көз карашты көзгө илбегендик дагы.

Саламатчылыкка зыян жетсе да, же калкты бузса да, же мыйзамдарга тескери болсо да, каалоочу адамдарга жаккан манфааттарды иштеп чыгаруунун ордуна, Батыш экономикасынын мындай манфааттарды иштеп чыгарышына жол берүүнүн ордуна, эң оболу аларды иштеп чыгарып жаткан кимселерди тыйып коюу, кийин болсо ушул продукцияларды керектегендерди тыйып коюу зарыл.

Ал эми, экономисттерди толук эркине койсок, алар кааланган нерсени иштеп чыгаруу жана кааланган нерсени керектөө жаатында мындай чечимдерди өздөрү билгенче кабыл ала беришсе, бул коомду кыйратуу, кыйматтарды тебелөө, жогору идеалдарды жокко чыгаруу жана инсандын сый-урматын көзгө илбегендик дегени.

**Кыймат жана анын эки түргө бөлүнүшү**

Батыш экономисттери кыйматты эки түргө бөлүшөт: керектөө кыйматы жана айырбаштоо кыйматы. Б.а. кыймат чыныгы эмес салыштырмалуу. Мындай бөлүү салыштырмалуу болуп, кыймат вакиъине туура келбейт т.а. ал кыймат вакиъин аныктап жана баяндап бербейт. Себеби, ал бир гана керектөөчүгө карата баян кылынып жаткан кыймат жана айырбаштоого карата т.а. бир товарды башка товарга айырбаштоого карата баян кылынып жаткан кыймат болуп калууда. Ко-ош, бул аныктама кыймат

вакиъине туура келеби? Т.а. бул чындап эле кыймат вакиъин чагылдырабы? Туурасы ушул, бул аныктама ката жана вакиъге тескери. Себеби, кыймат ушундай көрүнүп турган өзгөрбөс чыныгы нерсе, мунун түшүндүрмөсү төмөнкүчө: иштелип чыккан нерсенин т.а. товар же кызмат кыйматынын акыйкаты ушул товар же кызматтагы манфаат көлөмү менен өлчөнөт. Ошону менен бирге, таңкыстык фактору да эсепке алынат. Бул манфаат көлөмү бир хусусият (өзгөчө касиет) болуп, бул хусусият нерседе бар болсо аны керектөө үчүн жарактуу кылып коёт.

Биз хосият эмес, хусусият деген сөздү иштеттик. Анткени, биз нерселерди т.а. товар менен кызматтарды алардын манфааттарын керектөө үчүн алганыбыздан соң, бул нерселерди алардын манфааттарына карап тартиптештирип чыгабыз. Мында илимий фактылар жана лабораториялардагы жаңы ачылыштар о.э. протеиндер жана витаминдердин ачылышы, организм талап кылган заттарды крахмал, май жана шекерге бөлүп чыгуу сыяктуу башка ачылыштар жардамына таянабыз. Мына ушул ачылыштардан кийин биз картошка уругундагы нерсе помидор уругундагы нерседен жана жумурткадагы нерседен башка экенин анык биле баштадык. Арпадагы нерсе буудайдагы, күрүчтөгү жана сулудагы нерседен башка экенин да биле баштадык. Жүздөгөн жана миңдеген түрдөгү товарлар, жүздөгөн түрдөгү кызматтар да дал ушундай. Мисалы, жеңил автомобиль менен транспорттук кызмат көрсөтүү автобус же самолёт менен транспорттук кызмат көрсөтүүдөн башка. Физика сабагы боюнча окутуу башка, математика же тарых жана башка сабактарды окутуу башка. Имарат куруучу жумушчу башка, кездеме иштеп чыгаруучу жумушчу башка, көчөлөрдү тазалоочу жумушчу башка, компьютер адиси башка, жер геологиясы боюнча же суу боюнча адис башка. Бул адистер абдан ар түрдүү. Ошондуктан, эгер булардын баарын өз-өзүнчө алсак, аларда башкасынан бөлүп турган бир касиет бар экенин, манфаат ушул касиетте жатканын көрөбүз. Кыймат ушул касиет негизинде белгиленет. Арийне, бул касиеттин керектөөчүгө таасири бар, керектөөчү аны издейт жана талап кылат, аны тапканда белгилүү бир ырахаттанууну, эргүүнү, өргүүнү сезет. Демек, касиет манфаат менен белгилүү бир керектөөчүнүн ортосундагы байланыш.

Мисалы, ифтар дасторконуна олтурдук дейли, бирөө пияздын башын жей баштады, дагы бири редиска башын, үчүнчүсү болсо калемпир учун жей баштады, башка бирөө болсо май барбы деп

сурап, издей баштады, ошентип, ар ким өз табитине туура келген касиетти издеп, аны мына ушундай түрдүү нерселерден табат. Балдар үстүндө тажрыйба өткөрүлдү. Аларды көптөгөн ар түрдүү даамдар бар ашканага алып киришти. Бир бала бир түрдөгү даамды кандайдыр бир көлөмдө керектеди, башка бала болсо башка түрдөгү даамды башка көлөмдө керектеди. Текшерип чыгуудан кийин ар бир бала өз организминде жетишпеген нерсени каалашы аныкталды. Бир канча убакыттан кийин балдар керектеп жаткан нерселердин, өзгөчө нан, мөмөлөр сыяктуу түрлөрдүн өз ара жакындыгы анык болуп калды.

Алар «чектүү манфаат» деп атаган нерсеге келсек, алар манфаатты түшүндүрүүдө ката кылышып, кандыруу акырына жеткен чегара деген пикирге аста-секин келишти. Алар мындай дешет: Биз азыр кыймат маанисин анык айта алабыз т.а. кыймат – кандыруу акырына жеткен чегарада, кандырууда катышкан товар бирдиктеринин акыркысында болот.

Эми ушундай бир суроо таштайбыз: Биз кандырууну баштаган биринчи бирдиктеги мавжуд манфаат кандыруу аягына жеткен акыркы бирдиктен айырмаланабы? Аныгыраак айтсак: «А» бирдиктеги мавжуд манфаат кандыруу акырына жеткен «Б» бирдиктеги мавжуд манфааттан айырмаланабы? Т.а. биз ашказан ачтыгын кандырууну баштаган биринчи сугум нан кандыруу аягына жеткен үчүнчү сугум нан манфаатынан айырмаланабы? Кандайдыр бир товардын бирдиктери – бул товар канчалык көп болбосун – бири-биринен качан айырмаланат? Муну анык түшүндүрүү үчүн ушул мисалды келтиребиз: Бир наабайчы бир күндө он миң нан жапса, тигил нандын манфааты мына бул нандын манфаатынан башкача деп айтышыбыз үчүн бул нандардын ортосунда айырма барбы?

Биз аларга мындай дейбиз: алардын элестетүүсү бүтүндөй тескери. Себеби, бар болгон иш ушул, ачка адамдын табити жешти баштаганда күчтүү болот. Демек, бул инсан назарында биринчи нандын мааниси чоң болот. Себеби, аны менен ачтык басылат. Кандырууну баштаган ачка адам үчүн маанилүүсү ушул. Ал бир нан жедиби же ондубу, ал үчүн маанилүүсү ушул т.а. ачкалыкты басуу. Биринчи нандан тартып онунчу, элүүнчү нандарга чейин баары барабар, алардагы манфаат бирдей. Алар ушуну айтуулары керек эле. Бирок, минтип айтуунун ордуна алар маани-маңызды нанда кылып коюшту. Негизи, маани-маңыз (т.а. маанилүүсү) нан

керектей турган киши назарындагы нерсе эле. Ушуга ылайык, демек алар «чектүү манфаат» деп аташкан нерсенин өзү жок.

Алар базар талаптарына жооп бере турган продукция иштеп чыгарууну каалашкандыктан, ылайыкташтыруучу изилдөөлөр өткөрүүлөрүнө туура келди. Продукциялары талапка жооп бериши үчүн, продукциялардын чоң бөлүгү базарда өтпөй калууга (касад) учурап калбашы үчүн жана пайда келтире турган наркты коюшу үчүн ушундай изилдөөлөр өткөрүүлөрүнө туура келди.

Түпкүлүгүндө, «чектүү мафаат» назариясы алардын нарк назариясы болуп эсептелет. Иштеп чыгарууну белгилүү бир нуктада концентрациялоо үчүн мына ушул нуктада продукция ар дайым керектөө талаптарына жооп бериши, иштеп чыгаруунун каражаттарын каптаган наркта болушу о.э. жөнөкөй базардагы эркин жана толук эмес атаандаштыктар же монополиялардан ыраакта дайыма ылайыктуу пайданын болушу камсыздалат.

Эми базар алардын продукцияларынан бошоп калып, же базарда бул продукциялар жетишпей калып, нарк канча көтөрүлсө да талаптын күчөшүнө себеп болушуна токтолсок, ал нерсе жөнөкөй базарларда жүз бербейт. Себеби, алар бүткүл этибарларын жан үрөп продукция иштеп чыгарууга каратышат жана алардын бардык изилдөөлөрү иштеп чыгарууга карай багытталган. Алар базар товарларга толуп кетишинен гана коркушат. Себеби, бул нерсе товарлардын өтпөй калышына жана аларга болгон талаптын төмөндөшүнө алып келет. Мындан алар зыян көрөт жана жашоодогу иштерге тиешелүү өлчөөлөрү болгон пайдапарастыктарына зарар жеткен болот.

Демек, чектүү манфаат түпкүлүгүндө өз муктаждыктарынын бирин кандыруу үчүн бирер товар бирдигин керектеп жаткан киши назарындагы маани-маңыз чегарасы. Товар бирдиктерине келсек, алардын баары барабар, алардын манфааты бирдей, түпкүлүгүндө ушундай. Бирок, аларды мына ушул ката түшүндүрүүгө жана турмуш чындыгына тескери болгон аныктама берүүгө алып келген нерсе – иштеп чыгарууну концентрациялоо жана көбөйтүү, ошону менен бирге, өздөрүнүн байлыктарын өстүрүү жана кирешелерин көбөйтүү үчүн пайда келтире турган нарктардын сакталып турушун камсыздоо жаатында изилдөөлөр өткөрүүгө жан үрөшкөнү болду.

Мына ушундан кийин жана ушул максатта алар бул жааттагы изилдөөлөрүн кеңейтишти жана ага дагы да көбүрөөк маани бере

башташты. Алар жаңы базарларды издеп, өз мамлекеттеринен тышкарыга чыгышты жана региондордо өз таасирин орнотушту. Бул региондор алардын продукциялары өздөрү койгон нарктарда сатыла турган даяр базарлар болуп калды. О.э. ошол изилдөөлөр алардын каршысында бул күрөштө дагы да маанилүүрөөк болгон бир тармакты ачып берди. Бул тармак ошол таасир региондорунда укмуштуудай сырьёлордун бар экендиги. Натыйжада, бул региондор колонияларга айланып, согуштар жүз берди.

Бул колонизатор мамлекеттер инвесторлорду жана продукция иштеп чыгаруучуларды коргоду, алар иштеп чыгарган продукцияларды жеткирип берүү коопсуздугун камсыздоого аракет кылды. О.э. бул мамлекеттер өз инвесторлору инвестицияларын кепилдөөгө жана алардын пайда көрүүлөрүн камсыздоого да аракет кылды. Ал тургай, алардан арзыбас көлөмдө салык жана бажы төлөмдөрү алына турган болду.

Мына бул гигант компаниялар, экономикалык топтор, малиявий базарлар, соода биржалары бүткүл дүйнө үчүн бир кырсык жана анык жамандык болуп калды. Алар согуштар, текчил чыр-чатактар жана чегара келишпөөчүлүктөрүн жасалма түрдө келтирип чыгарышып, курчута башташты. Бул согуштар жана чыр-чатактар жалынын күчөтүү үчүн курал-жарактарды жана башка нерселерди жайнатып койду. Өздөрүнүн ишканалары тынымсыз иштеп турушу үчүн ушундай кылышты. Мисалы, автомашина чыгара турган ишкана сексен миллиондон ашуун автомашина чыгарды. Башкаларды ушуга салыштырып көрө бергиле.

Демек, кыймат салыштырмалуу нерсе эмес, өзгөрбөс чыныгы нерсе. Т.а. ал өзгөрбөс чындык болуп, анын көөдөлөнүп турган вакиълиги бар. Бул чындык нерседеги манфааттын көлөмү. Ошону менен бирге, таңкыстык фактору да эсепке алынат. Келгиле, эми таңкыстык факторун эсепке алуу деген сөзгө токтолуп өтөлү. Таңкыстык фактору товар наркынын көтөрүлүшү жана төмөндөшүнө таасир кылат, бирок товар наркын белгилөө негизине таасир кылбайт. Б.а. товардын базарда аз же көп болушу анын наркы болушу же болбошуна таасир кылбайт. Себеби, товардын аз болушу ага нарк кылып бербегендей, көп болушу да аны нарксыз кылып койбойт. Тескерисинче, товардын наркы болушу же болбошу анын аздыгы же көптүгүнө эмес, балким андагы манфаатка байланыштуу.

Демек, нерсенин кыйматы – андагы манфааттын көлөмү. Мында бул нерсенин көптүгү же аздыгынын этибары жок. О.э. анын таңкыс болушу анын наркын белгилөөдөгү бир бөлүк (фактор) да эмес, бирок, товардын аздыгы анын наркын көтөрүп жибергендиктен, көптүгү болсо наркын түшүрүп жибергендиктен таңкыстык факторун эсепке албай арга жок. Бирок, бул наркты белгилөөдөгү бир фактор деп этибар кылынбастан эле эсепке алынат.

Демек, чындык ушул, нерсенин кыйматы – ушул нерседеги манфааттын көлөмү. Ошону менен бирге, анын наркын белгилөөдө таңкыстык фактору да эсепке алынат. Бирок, бул фактор наркты белгилөөдөгү бир бөлүк деп эсептелбейт. Муну менен болсо, этибар нерседеги манфаат көлөмүнө каратылган болот жана бул көлөм наркты белгилөөдө негиз болот.

Эми бир товарды башка товар же кызмат менен айырбаштоодогу кыйматка келсек, эгер бул товардын манфааты башка бир товар же эмгектин манфааты менен белгиленсе, туура белгилөө болот жана кыска мөөнөт ичинде өзгөрбөй турууга жакын болгон белгилөө болот. Бул ишке болсо бардык заманда адамдар өз ара келише алышат. Тажрыйбалуу соодагерлер себептүү ушундай болот. Себеби, бул соодагерлерди кудум нарк (акча) менен соодалашып жаткандай мында (айырбаштоодо) анык соодалашып жатканын көрөбүз.

Мисалы, алар жүзүмдү зайтунга, инжирди буурчакка, ашкабакты майга айырбашташат, өздөрүнө зарыл нерселерди акча ордуна буудай, жүгөрү жана жумуртка берип сатып алышат. Алардын бул нерселердин манфааттарын белгилөөлөрү жана бирин бирине айырбаштоолору тууралыкка жакын.

Булардын баары товардагы манфаат көлөмү үстүнө курулган. Демек, товардагы манфаат көлөмү товар наркын белгилөөдө өз таасирин өткөрөт. Арийне, манфаат көлөмү мал жана эмгектеги өлчөө бирдиги болот.

Бирок, товар же кызмат нарк менен белгиленсе чыныгы эмес, этибарий (салыштырмалуу) белгилөө болот жана мында базарга карап бардык учурда өзгөрүүгө жакын болот. Мындай учурда анын кыймат экендиги бекер болуп, анын вакиъине кыймат сөзү туура келбей калат. Тескерисинче, ал товардагы манфаатка карап эмес, базарга карап акча табыла турган бир куралга айланып калат.

Демек, манфаат товар же эмгектин өлчөө бирдиги. Нарк болсо айырбаштоо өлчөөсү болуп, мал жана эмгекке түздөн-түз коюлат. Товарга нарк белгиленсе, эмгекке иш акы берилет. Кыймат менен нарк жана эмгек акы башка-башка нерселер. Себеби, кыймат өзгөрбөйт. Нарк менен эмгек акы болсо өзгөрүп турат.

Нерсени анын көп же таңкыстыгына карабастан манфаат белгилейт. Товардагы белгилөө анын көлөмүн башка товар же акча же кызматка салыштыруу менен болот. Муну менен болсо, этибар товар же кызмат, же акчадан турган амалий бадал (айырбаштоо кылына турган нерсе) көлөмүнө каратылган болот.

Мисалы, бир килограмм буудайдын кыйматын эки килограмм арпа манфааты менен белгилөө. Бул кыймат арпа көп же таңсык болушуна карабастан өзгөрбөйт. О.э. буудай көп же таңкыс болобу, буга да карабастан, ал тургай, арпа наркы буудай наркынан кымбат болгон тагдырда да бул кыймат өзгөрбөйт. Себеби, таңкыстык нерседеги манфаатты белгилөөнүн бир бөлүгү эмес, бирок, ал кыйматты белгилөөдө эсепке алынат. Жашообуздан бир мисалды келтиремин: Экинчи дүйнөлүк согушта самандын наркы көтөрүлүп, буудайдын наркынан эки эсеге ашып кетти. Дүңүнөн сатып алуунун ордуна өлчөп аз-аздан сатып алына турган болду. Түшүм ээлери саманды соодагерлерге сатып жатканда самандын салмагын көбөйтүү үчүн билдирбестен ага бир канча буудайды кошуп койчу болушту. Бул «октоп коюу» (алдоо) сыяктуу иш эле. Бул ишти өзүбүз көрүп күбө болгонбуз.

Бирок, түпкүлүгүндө буудайдын кыйматы самандын кыйматына караганда – самандын наркы кымбаттап кеткен тагдырда да – көп эсе чоң. Себеби, нарктын кымбатташы сунуш менен талап жагынан базарга байланыштуу. Ал эми, нерсенин кыйматы кандай болсо, ошол боюнча кала берет. Анткени, кыймат – нерседеги манфааттын көлөмү.

**Нарк**

Нарк коомдун товарлар кыйматын белгилеши. Эмгек акы болсо, коомдун эмгектер кыйматын белгилеши. Акча болсо, ушул белгилөөнү билдире турган нерсе. Акча ушундай нерсе дейсиң, ал бизге түрдүү товарлар менен эмгектерди салыштырып өлчөө жана аларды бир негизге кайтаруу мүмкүнчүлүгүн берет. Мына ошондо түрдүү товар менен эмгектерди бир бирдик болгон жалпы өлчөөгө кайтаруу аркылуу бул товар менен эмгектерди бири-бирине салыштыруу жеңил болуп калат жана мына ушул бирдик негизинде

товардын наркын төлөө о.э. жалданма жумушчуга эмгек акысын берүү жараяны жүрөт.

Демек, акча бир товар болуп, түрдүү мамлекеттерде түрдүү акча бирдиктерине келишип алынган. Муну менен болсо, бул бирдиктер нерсе жана эмгек манфааты салыштырыла турган өлчөө болуп калат. Бул бирдиктердин айырбаштоо каражаты болушуна келишип алынган. Акчалардын кыйматы алардын колдонулуу кубатына т.а. бул акчалар аркылуу канча товар же эмгекке ээ болушуна карап белгиленет. Ушуга ылайык, демек, коомдун товар менен эмгектер кыйматын белгилешин билдирүүчү нерсенин сатып алуу кубаты болушу керек. Мына ошондо ал акча болот б.а. ар бир инсан товар менен эмгектерге ээ болушуна каражат (васита) болгон кубат болот.

Түпкүлүгүндө, анын өз ички кубаты болушу зарыл же өз ички кубатына таянууга тийиш. Т.а. анын өзү адамдар назарында этибардуу кыйматка ээ болушу керек. Мына ошондо ал акча болот.

Бирок, бүгүнкү күндө дүйнөдөгү мамлекеттердин акча чыгаруу абалына карасак, бул мамлекеттердин кээ бирлери өз акчаларына ички кубатты кылып бергенин же акчалар өз ички кубатына таянганын, айрым мамлекеттер болсо бир нерсени өз ара келишип акча кылып койгонун жана ага сатып алуу кубатын кылып бергенин көрөбүз.

Мисалы, алтын жана күмүштүн өз ички кубаты бар. Демек, бул экөөсүнүн өзү акча болот. О.э. бул алтын жана күмүш башка акчалар таяна турган негиз да болот. Мында көп көлөмдөгү алтын жана күмүштөн запас катары мамлекет казынасына коюлуп, анын мукабылында (эквивалент) кагаз акчалар чыгарылат. Бул акчалар мына ушул запаска таянат жана аны көөдөлөндүрөт. Бул акчаларда аларды аларга тең болгон алтын жана күмүшкө алмаштыруу кепилдиги болот.

Сунуш менен талапты, наркты батыштыктар базар күчтөрү деп эсептешет. Себеби, батыштыктар наркты сунуштан бөлөк деп билишпейт. Түпкүлүгүндө, нарктын өзү маани бере турган орун эмес. Себеби, алардын продукция иштеп чыгарууга аны көбөйтүү жана тынымсыз көбөйтүү жагынан карап жандашуулары – базарды – наркты көзөмөл кылуу көз карашынан туруп көзөмөл кыла турган болууларына алып келди.

Бүгүн дүйнө гигант компанияларда эл аралык экономикалык топтор жана союздар демөөрчүлүгү астында түрдүү өнөржай

продукциялары иштелип чыгышына күбө болуп жашоодо. Бул компаниялар жана топтор дүйнө базарларына үлкөн көлөмдөгү продукцияларды чыгарууда. Бул продукциялар магазин, дүкөн жана базарларга батпай кетти. Продукция иштеп чыгаруучулар өз ара кагылышып, бири-бири менен күрөшпөшү үчүн жана базарлар бул өнөржай продукцияларын тең салмактуу көрүнүштө кабыл алышын камсыздоо максатында, алар комиссиялар түзүү жолуна өтүштү же туурараак айтсак, аларда базар коньюктурасын, керектөөчүлөрдү, товар менен кызматтарды, кайсы товар менен кызматтарга талап көптүгүн үйрөнүү менен алектене турган атайын компаниялар пайда болду. Алар ар бир товар, ар бир шаар, ар бир базарга тиешелүү анык эсеп-кысаптарды чыгарышты, маалыматтар топтошту, көлөм жана сандар менен базар коньюктурасын жана товарлар керектөөсүн белгилешти. Бул компаниялар өз кезегинде продукция иштеп чыгара турган компанияларды жана ишканаларды белгилүү бир акы алып, мына ушул маалыматтар жана сандар менен камсыздап турат.

Суу жана электр энергия сарптоосун киловат саат жана куб метр менен өлчөөнү колдонушкандай, алар базарлар жана аларда товарлар сатылышына, керектөө көлөмүнө тиешелүү анык өлчөөнү да иштеп чыгышты. Алар ушул өлчөө жардамында базарларда канча түрдөгү мал бар экенин, канча көлөмдө товар бар экенин, канчасы керектелгенин, кайсынысына талап көп, кайсынысына аз экенин эсептеп чыгышат. Бул өлчөө жана эсептөөлөрдүн натыйжалары базарлар коньюктурасын (алардагы абалды) үйрөнүүгө кызыккан компанияларга белгилүү бир төлөм акысына таратылат. Айрым компанияларда адис өкүлдөр бар, алардын вазыйпасы базарларды күзөтүп, эмне керектелип жатканын жана керектелбей жатканын т.а. базарда кайсы товарга талап бар экенин, мына ушул компаниялардын кайсы продукцияларына талап күчтүү же аз экенин үйрөнүү. Бул компаниялар өз өнөржай ишканаларынын туруктуу иштеп турушун камсыздоо жана наркты сактап туруу үчүн өз продукцияларын азайтып же көбөйтүп турушу мүмкүн.

Алар «Нарк товар менен кызматтарды коом мүчөлөрүнө бөлүштүрүүдө роль ойнойт. Нарк продукция менен керектөөнүн ортосунда тең салмактуулукту жаратат. Сунуш менен талапты тартипке сала турган да мына ушул нарк» деген корутунду тыянакка келишкен.

Алардын айтымында, нарк себептүү: нарк механизми себептүү базарларда сунуш менен талап тең салмактуулукка келип, кадыржамдык жана туруктуулук өкүм сүрөт. Ушундай бир даражада дейсиң, ач көздөргө да, монополисттерге да эч орун калбайт. Мунун тушунда керектөөчүлөр өз ыктыяры жана каалоосун «тойгондон жарылып» да кетпей, куру кол да калбай, автоматтык түрдө бирдей кандыра алат, ишканалар тынымсыз иштей берет, товар ташуучу транспорттор жүктөргө жык толот, порттор түшүрүлгөн түрдүү товарларга толуп кетет, эң чоң эл аралык деңгээлде активдүү экономикалык кыймыл көзгө көрүнөт.

Мындан ири инвесторлор көңүлү жайына түшүп, кудум кичине балыктарды жутуп жиберген киттердей, өз монополиялары «тактысында» чалкалап олтурушат.

**Капиталисттик мабда мына ушул. Эркин экономика жана иштер өлчөөсү болгон пайдапарастык мына ушул. Инсанга жана анын муктаждыктарына болгон маддий көз караш, маддий назария мына ушул.**

**Бир сөз менен айтканда, динди турмуштан ажыратуу акыйдасы мына ушул.**